# МУНИЦИПАЛИТЕТ

**ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ** | НОЯБРЬ **2018** | **№ 11 (85) чыгарылышы**

Муниципалитет – бул аймактын, ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

## БУЛ САНДА:

### Көңүл чордонунда

2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын Өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун орду ........ 2

Өнүктүрүү саясат институтунун комплекстүү пландоо системасына карата комментарийи ........ 6

Аймактарды өнүктүрүү: Кыргызстандын жаңы шаарлары жана аларды түптөөгө ким тоскоол болуп жатат? ........ 9

### Мыйзамдардагы жаңылыктар

Административдик-аймактык реформа тууралуу ........ 19

Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн 2018-2023-жылдарга карата программасы жөнүндө ........ 19

Соттолгондорго социалдык жардам тууралуу ........ 19

### Жарандардын ЖӨБго катышуусу

Жарандар ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун гранттык программасына көз салууда ........ 20

Кочкор аймагындагы бала бакчада кошумча тайпа ачылды ........ 21

Чаек аймагынын ЖӨБ органдары жарандардын пикирин бюджетте эсепке алып, кызмат көрсөтүүнү жакшыртып, жылына 250 миң сом үнөмдөй алышты ........ 23

### Депутаттардын жаңылыктары

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарынын типтүү ЭТИКАЛЫК КОДЕКСИ жөнүндө ........ 25

### Мониторинг жана баалоо

Коомдук мониторинг жана Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодекси ........ 31

Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча к омиссиялары тууралуу ТИПТҮҮ ЖОБО ........ 32

Жергиликтүү жамааттын Уставы жана укук бузуулар боюнча административдик комиссиянын иши ........ 36

Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Нургүл Жаманкулова***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***
Дизайн жана жасалгалоо
***Адил Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***
Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.
**Журнал акысыз таркатылат,**
бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.
Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт.
Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.

**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Үметалиев көч., 108, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31,32,33,34)
**Факс:** (0312) 97-65-29

Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**




*Плакаттын автору - Сонун ТОЛУКБАЕВА*

# 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын Өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун орду

**Өлкөнүн негизги программалык документинин алгачкы версияларында мамлекеттик башкаруу дээрлик жок болчу, ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруу таптакыр эле болгон эмес. Бирок коомдук талкуулардын процессинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу стратегияда өз ордун тапты. Болгондо да негизги текстте гана эмес, ошону менен бирге орто мөөнөттүү этаптын биринчи кезектеги чараларында чагылдырылды. Өнүктүрүү саясат институту ЖӨБ чөйрөсүндө өнүктүрүүнүн тапшырмаларын формулировкалоого өз салымын кошту. Айрым сунуштар 2018-жылдын 13-августунда өткөн Туруктуу өнүктүрүү боюнча улуттук кеңештин жыйынында айтылды. Андан соң стратегиянын соңку текстине кирди. ӨСИ Улуттук стратегияда жергиликтүү өз алдынча башкарууга тиешелүү үзүндүлөр менен “Муниципалитет” журналы аркылуу бөлүшүүнү чечти. Ошондой эле бардык кызыкдар адамдарды “Бул тапшырмаларды кантип чечмелеп, ишке ашырууга болот?” деген талкууга кошулууга чакырат.**

# III. Экономикалык бакубаттык жана өнүгүү үчүн чөйрөнүн сапаттуулугу

## 3.2. Өнүктүрүү үчүн туруктуу чөйрөнү түзүү

### Өлкөнүн аймактарын өнүктүрүү (Стратегиянын 50-54-беттери)

Келечекке көз караш: Регионалдык шаарларда жана айылдык аймактарда жашаган жарандын турмушунун сапаты борбордун калкынын жашоо-турмушунун сапатына максималдуу жакындайт жана калктуу конуштардын географиялык жайгашуусуна карабастан олуттуу айырмаланбайт. Ар бир региондун өзүнүн жагымдуу жактары болот, алар адамды өз турмушун “кичи мекени” менен байланыштырууга жүйөлөштүрөт. Ар бир жаран, жамаат, уюмдар өз шаарын, айылын, регионун өнүктүрүү максатында өздөрүнүн демилгелерин ишке ашырууга мүмкүнчүлүк алууга шарттар түзүлөт. Өлкөнүн региондорунда инвестицияларды тартуу жана бизнести өнүктүрүү үчүн шарттар түзүлөт. Региондор өздүк өнүгүү программаларын ишке ашыруу үчүн зарыл мүмкүнчүлүктөрдү алышат.

Жаран өлкөнүн аймагында жашаган жерине карабастан, менчиктин ар кандай түрлөрүндө сапаттуу кызмат көрсөтүүлөрдү жана товарларды коюучуларды тандоо мүмкүнчүлүгүн алышат. Региондордо социалдык өнүктүрүү өндүрүмдүү иш менен камсыз кылууну дем берүүгө, калктын кыйла муктаж катмарын колдоого багытталат. Региондорду ийгиликтүү өнүктүрүү бүткүл Кыргызстанды ийгиликтүү өнүктүрүүнүн кепили болуп саналат.

Өлкөнүн шаарлары жана айылдык аймактары турмуштук жактан туруктуу, өлкөнүн жарандарынын жашоосу үчүн туруктуу, коопсуз жана ыңгайлуу болууга тийиш, бул ички миграцияны кыскартууга жана жер-жерлерде жаш адистердин отурукташып калуусуна мүмкүнчүлүк берет.

Дайыма эле “туурасынан кеңейүүгө мүмкүн эмес, жогору карай өсүү керек”. Биз шаарларыбыздын жана айылдарыбыздын образын өзгөртүүгө, заманбап көрүнүшкө келтирүүгө тийишпиз, бул мейкиндиктик пландоого жана өнүгүүгө жаңы мамилени талап кылат, архитектуралык жана курулуш нормаларына жана стандарттарга талаптарды күчөтөт. Ошону менен бирге, бул шаардык маданиятты жана өнүгүү чөйрөсүн түзүүнү милдеттендирет. Шаарды өнөр жай, финансы жана маданий борбор катары эле өнүктүрбөстөн, адамдардын жүрүм-турумунун жана бири-бири менен мамилесинин маданиятын, адамдын адеп-ахлактык, укуктук жана саясий маданиятын да калыптандыруу зарыл.

Региондордун экономикасы “өсүш жерлерин” түзүүгө негизденет, алар жетишилген ийгиликтерге жараша мамлекеттин атынан преференциялар менен камсыз болушат. Региондор инвестицияларды, анын ичинде мамлекеттик инвестицияларды алуу укугу үчүн атаандашат.

Региондор өндүрүүнүн жана керектөөнүн сарамжалдуу моделдерин түзүүгө муктаж, бул аларды өлкөлүк экономикалык мейкиндикке органикалуу интеграциялanuуга мүмкүнчүлүк берет. Урбанизация, өнүктүрүүнүн таяныч чордону катары ири региондук калктуу пункттарды түзүү, аларда логистикалык борборлорду жана өнөр жай ишканаларын түзүү жакын жайгашкан аймактар менен өндүрүштүк-экономикалык байланыштардын туруктуулугун, чакан жана орто бизнестин реалдуу интеграциялануусун камсыз кылат. Региондордун чыгарылуучу продуктулардын чектелүү санына адистешүүсү региондордо ири жана атаандаштыкка жөндөмдүү өндүрүштү өнүктүрүү үчүн өбөлгө болот.

Ошону менен бирге башкаруу системасы лидер региондор менен экономикасы чабалдыгына байланыштуу колдоого муктаж региондордун ортосундагы балансты камсыз кылат, жашаган аймагына карабастан жаранга мамлекеттин социалдык жана башка кепилдиктерин аткарышын камсыз кылат.

Региондун өнүгүүсүн пландаштыруу геомаалыматтык жана демографиялык маалыматтарга таянган жаратылыштык, социалдык жана экономикалык бардык факторлорду комплекстүү мейкиндиктик пландаштыруунун заманбап түшүнүгүнө негизденген.

Региондук өнүгүүнү пландаштыруу өнүгүүнү пландаштыруунун, мониторинг жүргүзүүнүн жана түзөтүүнүн бирдиктүү механизминде ар кандай тармактардын пландарын жана башкаруу деңгээлдерин байланыштырган улуттук системанын алкагында заманбап технологияларды пайдалануу менен жүргүзүлөт. Пландаштыруунун бул системасы өнүгүүнүн республикалык бюджетинин жана бюджет аралык мамилелердин негизи болушу керек.

Өзгөчө кырдаалдар менен байланышкан тобокелдиктерди төмөндөтүүнү, мыкты технологияларды киргизүүнүн жана кен казуу ишканаларынын ишине контролдукту күчөтүүнүн эсебинен жер жана суу ресурстарынын булганышын кыскартууну камсыз кылуу зарыл.

Натыйжалуу энергетикалык жана ирригациялык тармактарды, жол жана транспорттук инфраструктураны өнүктүрүү, калктуу конуштарды таза ичилүүчү суу жана суу бөлүштүрүүчү системалар менен камсыздоо мамлекет үчүн артыкчылыктуу милдет болуп саналат. Жергиликтүү бийлик орган-

дарынын негизги милдети жер-жерлерде өнүгүүнү камсыз кылган экономикалык жана социалдык субъекттерди түзүү болмокчу.

Региондорду өнүктүрүү жагында төмөнкү артыкчылыктуу милдеттер аныкталды.

Мамлекеттик, муниципалдык жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдүн атаандаштыкка жөндөмдүү рыногун түзүү. Мамлекет ар кандай уюштурууукуктук түрүндөгү субьекттердин кызмат көрсөтүү чөйрөсүнө тартылышына дем берүү үчүн шарттарды камсыз кылат. Жүйө фактору баа түзүү, тариф саясаты, субсидиялоо принциптери, мамлекеттик, муниципалдык, социалдык заказды кызмат көрсөтүүлөрдү мыкты коюучулардын арасында жайгаштыруунун өз ара пайдалуу системаларына негизденет. Жеке жана коммерциялык эмес сектор мамлекеттик жана муниципалдык органдарды алар үчүн мүнөздүү эмес функцияларды аткаруудан бошотуп, кызматтарды көрсөтүүнүн негизги функцияларын өзүнө алып, республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден ашыкча жүктөм алынышы керек. Бизнес – пландаштыруу принцибинин негизинде “өсүш жерлер” – таяныч шаарлары жана айылдык аймактар өнүктүрүлөт.

Аймактык мамлекеттик органдарынын жана ЖӨБ органдарынын милдети экономика, билим берүү, саламаттык сактоо, маданият, спорт, социалдык коргоо чөйрөсүндө өнүктүрүү субьекттерине алардын демилгелерин ишке ашыруу, адамдык жана финансылык ресурстарды тартуу үчүн максималдуу жагымдуу шарттар түзүлгөн чөйрөнү калыптандырууда турат. Бул максаттарда ЖӨБО окутуу, региондордун экономикасын өнүктүрүү, инвестицияларды тартуу зарылчылыгы маселелеринде алардын квалификациясын жогорулатуу максатка багыттуу жүргүзүлөт. Жергиликтүү жетекчилердин иши тартылган инвестициялар жана кайрадан түзүлгөн жумушчу орундар боюнча бааланат.

Шаарларды өнүктүрүү инфраструктуралык мүнөздөгү ыкчам көйгөйлөрдү чечүүгө эмес, өнүктүрүүнүн колдо болгон факторлорун пайдаланууга жана илгерилетүүгө, ийгиликтүү демилгелерди жана долбоорлорду колдоого негизденет.

Пландоонун жана башкаруунун комплекстүү системасы региондорду өнүктүрүүдөгү диспропорцияны кыскартууга мүмкүндүк берет. Өнүгүү боюнча функцияларды натыйжалуу аткарууга жергиликтүү бийликтин жөндөмсүз болушу административдик-аймактык реформаны өткөрүүнү шарттайт. Реформанын башкы максаты – эл үчүн жагымдуу шарттарды түзүү, мамлекеттик башкаруу системасынын вертикалын, мамлекеттик жана муниципалдык башкарууну оптималдаштыруу.

Демек, аймактык башкаруу системасын реформалоонун натыйжасында Кыргыз Республикасынын жаңы административдик аймактык бөлүнүшү түзүлөт, ага пландоонун жана башкаруунун комплекстүү системасынын алкагында натыйжалуу жөнгө салынуучу объективдүү социалдык-экономикалык процесстер негиз болот.

Региондордун өнүгүүсүн басаңдаткан, региондук экономиканын өсүшүнө экономикалык түрткү берүүнү жокко чыгарган, региондогу жашаган элге социалдык кызмат көрсөтүүнүн жеткиликтүүлүгүнүн деңгээлин ылдыйлаткан бардык факторлорду чечкиндүү түрдө жоюшубуз керек. Региондорду зарыл болгон мыйзамдык колдоо жана финансылык ресурстар менен камсыз кылуу, ошондой эле экономиканы региондорго буруу үчүн экономикалык зарыл мотивацияны түзүү маанилүү болуп эсептелет.

Аймактык башкаруунун жаңы модели жарандардын жашоо турмушунун сапатын жакшыртууда аймактык мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилигин жогорулатууга негизденет. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын алдында региондордун адистешүүсүн жана өзгөчөлүгүн эске алуу менен улуттук, ошондой эле мамлекеттик тармактык программаларды ишке ашыруу боюнча жаңы милдеттер коюлган. Бул үчүн аларга зарыл башкаруучулук, административдик ыйгарым укуктар берилет, ошондой эле мамлекеттик ыйгарым укуктарды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жүктөө ыйгарым укуктары берилет[1]. Жергиликтүү бийлик башкаруунун реалдуу заманбап механизмдерин өздөштүрүүсү абдан маанилүү. Кайра карап чыгуу жана аймак менен тармакты байланыштырган тармактык башкаруудан комплекстүү башкарууга өтүү зарыл. Биз Кыргыз Республикасынын аймактарын башкаруу жана чек арасынын коопсуздугун сактоо үчүн аракеттүү механизмдерди түзүшүбүз керек.

Чек ара аймактарын социалдык-экономикалык өнүктүрүү атайын экономикалык чараларды иштеп чыгуу жана ишке ашыруу менен катар эле чек ара коопсуздугун камсыз кылуу менен да жетишилет.

[1] Бул талаштуу маселе. Учурдагы мыйзамдарда ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган ЖӨБ органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктарды келишим же атайын мыйзам аркылуу өткөрүп берет деп белгиленген. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар өткөрүлүп берүүгө жаткан кандайдыр бир мамлекеттик ыйгарым укуктар боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар болуп саналбайт. Бирок, балким, Стратегияны иштеп чыккандар жергиликтүү мамлекеттик администрациялар келечекте ЖӨБ органдарына өткөрүп бере алгыдай ушундай ыйгарым укуктарга ээ болушат деп болжошкондур. Кандай болгон күндө да учурда Стратегиянын ушул ырастамасын аткаруу ыкмасы анык эмес. Ошол эле маалда Стратегия социалдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүүгө карата башка, акылга сыярлык шилтемени камтыйт. Айталы, “Ар бир жаранга бирдей мүмкүнчүлүк” аттуу бөлүмдө (Стратегиянын 21-бети) мындай деп айтылат: “Ошондой эле ЖӨБОго балдар үчүн жана оор турмуштук жагдайлардагы үйбүлөлөр, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар, улгайган жарандар үчүн базалык адистештирилбеген социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү уюштуруу жана көрсөтүү маселелерин өткөрүп берүү зарыл”. Ошондой эле Орто мөөнөттүү этаптын биринчи кезектеги чараларынын 1.18-милдети - “Социалдык кызмат көрсөтүү жана социалдык тапшырык системасын өнүктүрүү” (Стратегиянын 96-бети) мындай деп белгилейт: “Жооптуу ата-энелердин мектептери, майып адамдардын жана балдардын, улгайган жарандардын күндүзү болуучу борборлору, оор турмуштук жагдайда калган балдарга жана үйбүлөлөргө социалдык жардам борборлору, келечектеги энелердин же ата-энелердин мектептери ар бир муниципалитетте, айылда ЖӨБОго баштапкы базалык адистештирилбеген социалдык кызмат көрсөтүү маселелери өткөрүп берилгенде өнүктүрүлүшү керек”. Комментарий Өнүктүрүү саясат институтуна таандык.

# IV. Мамлекеттик башкаруу

## 4.4. Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү (Стратегиянын 72-73-беттери)

Келечекке көз караш: Өнүккөн жарандык коом натыйжалуу өз алдынча башкарууну түзүү үчүн негиз болуп калат. Жарандык коомдун институттары партиялар менен катар эле жергиликтүү кеңештердин депутаттык корпусун түзүүгө катышат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү экономиканы өнүктүрүүгө жана өнүгүүнүн жергиликтүү бюджеттерин түзүүгө умтулган шарттар түзүлөт. Жарандык коом натыйжалуу жана иштиктүү жергиликтүү өз алдынча башкарууну түзүү үчүн негиз болуп калат. 2040-жылга Кыргыз Республикасында жарандар өзүнүн, үй-бүлөсүнүн жана жергиликтүү коомчулуктун алдындагы милдеттенмелерин жоопкерчиликтүү аткара баштайт. Жарандар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кесипкөй, ачык-айкын, жооптуу органдарын түзүүгө жөндөмдүү болот.

Элге кыйла жакын башкаруу институту катары жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн төмөнкү артыкчылыктары белгиленет.

Коомчулуктун ишин башкарууга элдин кеңири тартылуусу маанилүү. Жергиликтүү деңгээлде башкаруу системасынын натыйжалуулугунун алкагында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин каржылоонун адекваттуу механизмдери менен мамлекеттик бийликти мындан ары да борбордон ажыратуу зарыл. Кызмат көрсөтүүнүн, бюджетти түзүүнүн жана аткаруунун, ресурстарды башкаруунун туруктуу системасын уюштуруу бөлүгүндө жергиликтүү деңгээлде башкаруу системасын күчөтүү милдети турат.

Ошондой эле эл койгон милдеттерди, функционалдык милдеттерди аткаруу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жоопкерчилигин жана тартибин көтөрүү зарыл.

Биринчи кезекте сөз ар бир мүчөсү аймакты өнүктүрүүгө өзү түшүнүп катышууга квалификациялык жактан жөндөмдүү болгон, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун натыйжалуу органдарын түзө алган жана аларды контролдогон жоопкерчиликтүү жергиликтүү коомчулуктарды түзүү жөнүндө жүрүп жатат.

Экинчиден, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдүн рыногун түзүү үчүн укуктук, методологиялык негиздерди түзүү зарыл. Кызмат көрсөтүүлөрдүн системасын уюштурууда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары заказ берүүчү болот. Бюджеттик мамилелерде жана бюджеттик процессте ар бир шаарда жана айылдык аймакта өнүктүрүүнүн бюджетин түзүүгө артыкчылык берүү зарыл. Ар бир шаар жана айыл аймагы үчүн өнүктүрүүнүн бюджеттерин түзүүгө түрткү берген шарттар түзүлөт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана мамлекеттик башкаруу органдарынын биргелешкен ишинин жаңы форматтары, улуттук диалогду кошкондо маанилүү маселелер боюнча, анын ичинде бюджет аралык мамилелер боюнча жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарын улуттун кызыкчылыктары менен макулдашуунун механизмдери түзүлөт.

Кабыл алган чечимдери үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын ишинде жоопкерчилик көтөрүлөт. Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлерге жаңы критерийлерди жана талаптарды киргизүү аркылуу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун потенциалы көтөрүлөт, укуксуз, натыйжасыз чечимдердин тобокелдиктери азайтылат.

# VI. Орто мөөнөттүү этаптын биринчи кезектеги кадамдары

## Күчтүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу (Стратегиянын 121-122-беттери)

### 11.1-милдет. Өз ара аракеттенүү жана ыйгарым укуктар менен жоопкерчиликти бөлүштүрүү

Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы функцияларды жана ыйгарым укуктарды так бөлүштүрүү биринчи элемент болуп калат. Кийинки кадам – жергиликтүү өз алдынча башкарууну жөнгө салган мыйзамдарды күчөтүү, анын ичинде тармактык мыйзамдардын алкагы менен салыштырып күчөтүү болот.

Улуттук пландоонун системасын өзгөртүү үчүнчү кадам болуп калат жана конкреттүү аймактарды мейкиндикте өнүктүрүүгө таянуу принциби камсыз кылынууга тийиш.

### 11.2-милдет. Региондорду башкарууну финансылык жактан борбордон ажыратуу

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде бюджеттик саясат калдык принциби боюнча эмес, элдин муктаждыктарын камсыз кылуунун зарылдыгына негизделет. Өнүгүү бюджетинин бар болушу натыйжалуу бюджеттик процесстин негизги мүнөздөмөсү болот.

Тиешелүү башкаруу органдарына жүктөлгөн функцияларга ылайык республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин ортосунда кирешелерди бөлүштүрүү системасы өзгөрөт. Жергиликтүү бюджеттердин кирешелерин адилеттүү, түшүнүктүү жана натыйжалуу кылып теңдөөнү камсыз кылуу максатында теңдөөчү гранттарды эсептөөнүн методикасы кайра каралат. Жергиликтүү бюджеттердин аткарылышын пландоонун жана аткаруунун процесстерин маалыматташтыруу жана автоматташтыруу бюджеттер аралык мамилелердин натыйжалуулугуна таасирин тийгизүүчү маанилүү милдет болуп эсептелет.

# VII. Өнүгүүнү башкаруу

### Өнүгүүнү башкаруунун жаңы системасы (Стратегиянын 147-бети)

Стратегиялык документтерди даярдоонун жана кабыл алуунун, ошондой эле аны бюджеттик процесс менен байланыштыруунун бирдиктүү регламентин иштеп чыгууну жана бекитүүнү, документтердин форматын, анын катышуучуларын, жол-жоболорун, тартибин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамы кабыл алынат. Бул мыйзам Кыргызстанда мейкиндикте, аймактарда пландоону караган комплекстүү пландоонун системасын курууга багытталат.

Пландоонун комплекстүү системасы мамлекеттик бюджеттик инвестицияларды, бюджеттер аралык мамилелерди башкаруунун негизи болуп калат жана инвесторлор менен жарандар үчүн багыт болот.

Стратегиялык документтерди иштеп чыгуу жана муну бюджеттик процесс менен байланыштыруу жагында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин жана КР Өкмөтүнүн регламенттерине өзгөртүүлөр киргизилет. Өнүгүүнүн натыйжалуу институттарын, өнүгүүнүн максаттары боюнча коомдук негизги топтордун пикирлерин эске алуунун механизмдерин түзүү, саясий институттардын (парламенттин, өкмөттүн, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын) функцияларын жана аларга жетишкендиги жана жетишпегендиги үчүн жоопкерчилигин аныктоо зарыл.

# Өнүктүрүү саясат институтунун комплекстүү пландоо системасына карата комментарийи

**Надежда ДОБРЕЦОВА,**
ӨСИ башкаруу төрайымы,
2018-жылы Туруктуу өнүктүрүү боюнча Улуттук кеңештин мүчөсү

Улуттук стратегиядагы комплекстүү пландоого тиешелүү пунктка жакшылап токтолуу зарыл: “Стратегиялык документтерди даярдоонун жана кабыл алуунун, ошондой эле аны бюджеттик процесс менен байланыштыруунун бирдиктүү регламентин иштеп чыгууну жана бекитүүнү, документтердин форматын, анын катышуучуларын, жол-жоболорун, тартибин жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын мыйзамы кабыл алынат. Бул мыйзам Кыргызстанда мейкиндикте, аймактарда пландоону караган комплекстүү пландоонун системасын курууга багытталат.

Пландоонун комплекстүү системасы мамлекеттик бюджеттик инвестицияларды, бюджеттер аралык мамилелерди башкаруунун негизи болуп калат жана инвесторлор менен жарандар үчүн багыт болот”.

Эмесе, сөз комплекстүү пландоо системасы тууралуу болуп жатат. Мунун артында эмне турат? Сунуш ӨСИден түшкөндүктөн бул системага карата өз көз карашыбызды чечмелеп берүүнү туура көрдүк. Сунушталган чаралардын айрымдары Улуттук стратегияга кирген жок, алардын баарын эле мамлекет жана коом колдоп кеткен жок. Бирок алардын көбү менен жакындан таанышып, талкууласа болот.

## Комплекстүү пландоо системасы эмне үчүн керек?

Пландалган чаралардын ийгилиги жана Кыргыз Республикасынын келечегине карата көз карашка жетүү башкаруу органдарынын сапаттуу өз ара аракеттене алуу жөндөмдүүлүгүнөн көз каранды болот. Бул болсо пландоо системасынын жана өнүгүүнү башкаруунун алкагында ишке ашат.

Региондук өнүктүрүүнүн дисбаланстарына байланышкан тобокелдиктерди алдын алуу үчүн, ошондой эле аймактарда – өсүш жерлеринде өнүгүүгө дем берүү үчүн шарттарды камсыз кылуу максатында биринчи кезекте пландоонун жана аймактардын өнүгүүсүн башкаруунун улуттук системасын түзүш керек.

Пландоонун жана региондук өнүгүүнү башкаруунун улуттук комплекстүү системасы мейкиндиктик, экономикалык, социалдык өнүгүүнүн өңүттөрүн камтып, пландардын так иерархиясын белгилеп, башкаруу органдарынын ыйгарым укуктарын бөлүштүрүү көйгөйүн чечиши абзел. Бул үчүн система төмөнкүдөй элементтер менен камсыздалууга тийиш:

- комплекстүү пландоо жана аймактардын өнүгүүсүн башкаруу жөнүндө өзүнчө мыйзам түрүндө укуктар шарттар менен;
- мамлекеттик башкаруу органы менен, анын милдетине ушул мыйзамды аткаруу жана пландоо менен региондук өнүгүүнү башкаруу функцияларын аткаруу кирет;
- аймактарды өнүктүрүүдө процессти уюштуруу жана биринчи кезектеги тапшырмаларды аткаруу үчүн зарыл болгон финансылык, маалыматтык жана адам ресурстары менен.

## Комплекстүү пландоо жана региондук өнүгүүнү башкаруу жөнүндө мыйзам

Өзүнчө мыйзам түрүндөгү укуктук шарттар аймактардын өнүгүүсүн пландоодо ачык-айкын системаны түзүүгө жол ачат. Ал туруктуу өнүктүрүүнүн мейкиндиктик, экономикалык, социалдык жана экологиялык максаттарына жана милдеттерине интеграциялаган комплекстүү ыкмага негизделет. Мыйзам "регион" деген түшүнүккө так жана баарына түшүнүктүү болгон аныктама берет. Бул болсо заман талабына ылайык келген түшүнүгүндө аймактык саясат үчүн жаңы негиз болуп берет.

Административдик жактан алып караганда мыйзам өнүгүүнү пландоонун бардык деңгээлдеринде өз ара байланышты жана иерархияны түзөт. Ага улуттук алкактык план, регионалдык тармактык пландар, регионалдык аймактык пландар жана жергиликтүү (муниципалдык) пландар кирет; пландоо процессине катышкан башкаруу органдарынын өз ара мамилелерин аныктайт, пландарды аткаруучулардын жоопкерчилигин, мониторингге карата талаптарды жана түрдүү деңгээлдерде пландарга өзгөртүүлөрдү киргизүү карата талаптарды аныктайт.




Улуттук өнүктүрүү стратегиясы Улуттук алкактык пландын өзөгүн түзүшү мүмкүн. Улуттук алкактык план өлкөнүн жалпысынан орто мөөнөттүү мейкиндиктик жана социалдык-экономикалык өнүгүүсүн пландайт, төмөн жакта турган деңгээлдердин пландарын иштеп чыгуу үчүн негизги параметрлерди аныктайт. Регионалдык алкактык пландар Улуттук планды жана аймакты өнүктүрүүнүн өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен иштелип чыгат. Регионалдык пландар конкреттүү регион үчүн Улуттук план аныктаган өнүгүүнүн багыттарын көрсөтүп берет. Ошондой эле өлкөнүн административдик-аймактык түзүлүштөрүнө ылайык райондордун жана шаардык агломерациялардын өнүгүүсүнүн алкактык пландары үчүн өнүгүүнүн жалпы алкактарын көрсөтөт. Райондун же шаардык агломерациянын алкактык планынын максаты – аймактардын өнүгүүсүнө багыт берүү, жергиликтүү жамааттардын, жеке сектордун, ыктымалдуу инвесторлордун бардык муктаждыктарын жана демилгелерин координациялоо. Андан соң аймактарды өнүктүрүүнүн жергиликтүү планы турат. Бул – социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн жергиликтүү программасын ишке ашыруунун мейкиндиктик планы, ошондой эле жерди пайдалануунун деталдуу планы. Ал жер участокторун жана инфраструктуралык курулмаларды жана тарамдарды пайдалануунун түрлөрүн аныктайт.

Мыйзам пландоо процессинин айкындуулугуна карата талаптарды белгилейт; жарандардын

пландоо, мониторинг жүргүзүү процессине катышуу, пландарга түзөтүүлөрдү киргизүү, даттануу жана апелляция берүү формаларын жана ыкмаларын аныктайт.

Мыйзам өнүгүүнү пландоочу кесибин жана пландоо боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн инфраструктурасын жаратуу үчүн негиз түзөт. Мейкиндиктик жана социалдык-экономикалык факторлорду эсепке алуу менен өнүгүүнүн заманбап пландарын даярдоо дисциплинардык мамилени иштеп чыгууну талап кылат. Башкача айтканда пландоочулардын, экономисттердин, социологдордун, экологдордун, картографтардын, геологдордун, табигый кырсыктардын тобокелдиктерине мониторинг жүргүзүү боюнча аналитиктердин, транспорт боюнча адистердин, гидрологдордун биргелешип иш алып баруусу талап кылынат. Ошондой эле рынок жана финансы боюнча аналитиктер, мамлекеттик финансы боюнча адистер берген маалыматтар эске алынышы керек. Мыйзам мына ушундай дисциплиналар аралык командаларды түзүү үчүн шарттарды пайда кылып, аларды комплекстүү пландоо процесстерине тартуунун жол-жоболорун жана талаптарды белгилейт.

### Пландоо жана региондук өнүгүүнү башкаруу процесстерин уюштуруу жана мониторинг жүргүзүү үчүн жоопту болгон мамлекеттик орган жөнүндө акт

Комплекстүү пландоо жана башкаруу боюнча улуттук системанын натыйжалуу иштеши ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын бар болушун талап кылат. Бул орган аймактардын өнүгүүсүн пландоо жана башкаруу процесстерин уюштуруу жана мониторинг жүргүзүү үчүн жооптуу болот. Аталган мамлекеттик органда комплекстүү пландоо процессинде тармактар аралык өз ара аракеттенүүнүн талаптагыдай деңгээлин камсыз кыла алчудай ыйгарым укуктары болушу керек. Ошондой эле бул орган өнүктүрүү пландарынын аткарылышын көзөмөлдөө, мониторинг жана баалоонун жыйынтыктары боюнча аларга түзөтүүлөрдү киргизүү функцияларын аткарышы керек. Пландоонун сапатын камсыз кылуу максатында аталган мамлекеттик органдын иши санарип технологияларды, маалымат базаларын колдонууга негизделиши керек. Орган статистиканы, санарип жана геомаалыматтарды кошкондо, комплекстүү пландоо процесси үчүн зарыл болгон маалыматтарды чогултуу жана талдоо процессинде негизги заказчы болушу керек. Бул үчүн аталган орган менен “Түндүк” системасы ортосунда так аныкталган өз ара мамилелер түзүлүшү керек.

Аталган мамлекеттик органдын функциялары жана ыйгарым укуктары ченемдик укуктук актыда аныкталууга тийиш, анын формасы жана статусу аталган ыйгарым укуктуу органдын формасынан жана статусунан көз каранды болот. Бул актта региондордун өнүгүүсүндө мамлекеттик бюджеттик инвестицияларды башкаруунун принциптери, бюджет аралык мамилелер аныкталып, аймактарды өнүктүрүүгө катышкан инвесторлор үчүн багыттар көрсөтүлөт.

### Туруктуу өнүктүрүү фонду жөнүндө мыйзам

Туруктуу өнүктүрүү чөйрөсүндө, өзгөчө региондорду – өсүш жерлерин өнүктүрүүгө карата мамлекеттин максаттуу күч-аракеттери, ошондой эле экономикалык дарамети чабал аймактардын артта калуу тобокелдиктерин болтурбоого багытталган компенсациялык чаралары республикалык бюджеттен жана каржылоонун башка булактарынан талаптагыдай каржыланууга тийиш. Бул үчүн Туруктуу өнүктүрүү фондун түзүү жана иштетүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү жана шарттарды караштыруу зарыл. Бул болсо атайын мыйзамды кабыл алууну талап кылат.


Туруктуу өнүктүрүү фондун каржылоонун бюджеттен тышкаркы мүнөзү жана аны башкаруунун сектор аралык мүнөзү анын маанилүү принциби болушу керек. Фонд калдык прицниби боюнча каржыланбашы керек жана конъюнктуралык саясий кызыкчылыктардан көз каранды болбоого тийиш. Ошондуктан аны каржылоонун булагы улуттук байлыктарды пайдалануудан түшкөн кирешенин бир бөлүгүн түзүшү керек. Бул – биринчи кезекте жер казынасын пайдалануудан жана мамлекеттик менчикти улутташтыруудан түшкөн киреше.

Кирешенин бул булактары Кыргыз Республикасынын элинин бардык муунунун менчиги болуп саналгандыктан, алар азыркы өкмөттүн күнүмдүк муктаждыктарын каржылоого эмес, өнүктүрүү максаттарына, узак мөөнөттүү келечекке, болочок муундардын бакубаттыгына багытталууга тийиш. Улуттук байлыкты сактап, аны көбөйтүү үчүн, туруктуу өнүктүрүүнүн келечектеги максаттарына жетүү үчүн Фонд жаңыланма капитал принциби боюнча иштеши керек. Бул үчүн капиталга инвестиция жасап, учурдагы иштерди инвестициялардан киреше алууга багытташ керек. Фондду башкаруу өнүктүрүү субъекттери катары мамлекеттин, коомдун жана бизнестин паритеттүү катышуусу принцибине негизделүүгө тийиш.

Фонд Кыргыз Республикасынын жана анын аймактарынын келечегин түптөгөн, башкаруунун коллегиалуу органы аныктаган туруктуу өнүктүрүүнүн ар кайсы чөйрөлөрүндө мультипликативдүү узак мөөнөттүү эффектке жетүүгө багытталган долбоорлорду жана программаларды акыга жана акысыз негизде каржылашы керек.

***“Муниципалитет” журналы комплекстүү пландоо чөйрөсүндөгү учурдагы кырдаалга жасалган анализди сунуштайт. Бул анализ Дүйнөлүк банктын консультанттарынын жардамы менен даярдалды.***

Башы. Уландысын “Муниципалитет” журналынын кийинки санынан таба аласыз.




*Дүйнөлүк банктын Кыргыз Республикасындагы кеңсесинин уруксаты менен басылып чыкты.*

**Алистер БЛАНТ, Манджуша РАЙ, Раушанна САРКЕЕВА**
Дүйнөлүк банктын буюртмасы менен, 2017-жыл.

# Аймактарды өнүктүрүү: Кыргызстандын жаңы шаарлары жана аларды түптөөгө ким тоскоол болуп жатат[1]?

[1] Шаарлардын “Жашыл өсүшү” боюнча аналитикалык жазуулардын бөлүгү. Макаланын аталышын “Муниципалитет” журналынын редакциясы сунуштады.

# 1. Кыргыз Республикасындагы шаардаштыруу

## Шаардаштыруунун масштабдары жана формалары

Кыргыз Республикасынын калкы учурда 5,7 миллион адамдан турат жана жыл сайын калктын өсүш темпи 2,2% болуп, региондогу эң жогорку көрсөткүч болуп саналат. Кыргызстан калкынын 35% жакыны шаардык райондордо жашайт. Салыштыруу үчүн айта турган болсок, Өзбекстанда калктын 50%, Казакстандан 50% ашыгы шаарда жашайт. (Борбор Азиядагы шаардаштыруу, ЭСКАТО, 2014). 1994-жылдан 2014-жылга чейин 20 жыл аралыгында шаар калкынын үлүшү Казакстанда, Өзбекстанда жана Түркмөнстанда өстү, бирок Кыргызстан менен Тажикстанда ошол эле мезгил үчүн 2% жана 9% төмөндөдү. Шаардаштыруунун темпи жогору болбосо да, шаар калкынын иш жүзүндөгү өсүш темпи өлкө калкынын өсүш ыргагынан ашууда. Негизинен шаарлардын калкы ички миграциянын эсебинен өсүүдө. Башкача айтканда, өлкөдөгү шаарлардын калкы жыл сайын 100 000 адамга көбөйүүдө. Эгерде бул өсүш бир шаарда болсо, анда ал өлкөдөгү жети ири шаардын катарында болмок. Бул өсүштүн басымдуу бөлүгү ири шаарлардын Бишкек жана Оштун элеттик райондоруна туура келет. Бул шаарлар туруктуу өсүп, учурда алардын калкынын жыйындысы өлкөдөгү бардык шаардык калкынын 60% ашыгын түзөт. Ири шаар борборлорунун жанында орто көлөмдөгү төрт шаар (Жалал-Абад, Каракол, Токмок жана Өзгөн) жайгашкан. Андагы калктын саны 50 миңден 100 000ге жетет, бул болсо Кыргызстандын шаардык калкынын жалпы санынан 25% түзөт. Шаар калкынын калган бөлүгү калкынын саны 50 миң жашоочудан аз болгон 19 чакан шаарда жашайт, бул болсо өлкөнүн шаардык калкынын 15% түзөт. Ошентип, КР шаарларынын өнүгүүсүндө баланс сакталбаганын, эки ири шаарга гана басым жасалып жатканын көрүп турабыз. Мунун натыйжасында башка урбанизацияланган аймактардын экономикалык өнүгүүсүнүн потенциалы, артта калып жаткан облустарды бир фокуста өнүктүрүү мүмкүнчүлүгү азайып жатат.

Шаардык аймактардын өнүгүүсү айлана-чөйрөгө зыян келтирүүдө. Айыл чарба багытындагы жерлердин аянттары кыскарып, углеводороддордун чыгындысы көбөйдү. Ошондой эле коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө суроо-талап өсүп жатат. Мындан тышкары жашоого болбой турган, кооптуу участоктордо курулуштун эсебинен да, климаттын өзгөрүүсүнүн кесепетинен улам экстремалдуу аба шарттарынын эсебинен да табигый кырсыктар көп болууда.

## Шаардаштыруу жана жакырчылык

Дүйнө жүзү боюнча шаарлардын улуттук ИДПга кошкон салымы 70% түзөт[1]. Шаарларда жакырчылыктын деңгээли элет жергесине салыштырмалуу дайыма төмөн болуп келет. Саламаттык сактоону комплекстүү изилдөө (KIHS) берген маалыматка ылайык, 2008-жылы Кыргызстанда шаар калкынын 26%, айылдык райондордо 36% жакырчылыкта жашай турганы аныкталган. Изилдөөнүн маалыматына ылайык, региондор ортосунда айырма бар. Бирок көпчүлүк региондордо бул ажырым шаарлар менен айылдык райондор ортосунда сакталууда. Өнүгүү жагынан алып караганда эң тез өскөн жана үстөмдүк кылган Бишкек шаарында калктын 16% гана жакырчылыкта жашайт[2]. Бирок негизги кызмат көрсөтүүлөргө (суу менен жабдуу, канализация, электр, жылуулук жана телекоммуникациялар) жеткиликтүүлүктүн жоктугу көз карашынан алып караганда, айылдык райондор көп кырдуу жакырчылыктын бир кыйла жогорку деңгээлдерин көрсөтүшкөн. 2008-жылы элеттик райондордогу калктын 91% көп жагынан куру калган шарттарда жашай турганы аныкталган. Муну менен катар жокчулуктун интенсивдүүлүгүнүн орточо көрсөткүчү 58% түзгөн (б.а., аз камсыздалгандар көрсөткүчтөрдүн жарымынан көбү боюнча муктаж). Шаардык райондордо таралгандык жана интенсивдүүлүк пайызы бир кыйла төмөн болгон (ылайыгына жараша 51 жана 49 пайыз). Шаарларда кырдаал 2008-жылдан 2012-жылга чейинки мезгил аралыгында бир топ жакшырган. Шаардык райондордо калктын аз камсыздалган бөлүгү 30% кыскарганы байкалган. Ал эми элеттик райондордо жакырчылыктын деңгээли 16% төмөндөгөн. Шаардык райондордо "кирешеси боюнча" жакырлар перифериялык райондордо басымдуулук кылат. Ушул эле райондордо көп кырдуу жакырчылыктын ("жоготуулар боюнча") деңгээли жогору, өзгөчө бейформал конуштарда – бул жакка шаардык калктын өсүшүнүн олуттуу үлүшү туура келет[3].

Мындан тышкары билим берүү жана жумуштуулук деңгээлдери, ошондой эле жумуштуулук жана жакырчылык деңгээлдери ортосунда оң корреляция бар. Шаардык райондор жогорку билим алуу үчүн көбүрөөк мүмкүнчүлүктөрдү берет, натыйжада жумушка орношуу мүмкүнчүлүгү да кеңейет. Шаарларда саламаттык сактоо кызмат көрсөтүүлөрүнө жеткиликтүүлүк жакшыраак. Калктын 100 000 адамына Бишкекте 277 жана Ошто 243 дарыгер туура келет. Салыштыра турган болсок, республиканын башка бөлүктөрүндө 100 000 адамга 150 дарыгер туура келет[4]. Эл аралык изилдөөлөр көрсөткөндөй, жакырчылык медициналык тейлөөнүн жана ага жеткиликтүүлүктүн начардыгы менен байланышта турат[5].

[1] UN HABITAT 2017. https://unhabitat.org/urban-themes/economy/

[2] Кыргыз Республикасы: жакырчылыктын профили жана жашоо шарттары. Дүйнөлүк банк, 2011-жыл.

[3] Кыргыз Республикасы: 2013-жыл үчүн жакырчылыктын профили. Май, 2015-жыл.

[4] Булагы: Республикалык медициналык-маалыматтык борбор – 2009-жылы чыккан макала, «Өткөөл мезгилдеги саламаттык сактоо системасы», 13-том, №3, 2011-жыл.

[5] Жакырчылык жана ден соолук: Дүйнөлүк банктын бриф. 2014 http://www.worldbank.org/en/topic/health/brief/poverty-health

## Шаардаштыруунун чыгымдары

- **Айыл чарба багытындагы жерлерди жоготуу жана шаарлардын жыш өсүүсү**

Шаардаштыруудан көп пайда алууга мүмкүн болгону менен, чыгымдары да бар. Алар текши болбой, келечек муунга терс таасирин тийгизиши ыктымал. Шаардык райондордун өсүшү табигый ресурстарды, аны менен катар айыл чарба багытындагы жерлерди жоготууга алып келди. Бул болсо өз кезегинде улуттук азык-түлүк коопсуздугунун азайышына жеткирди. Жакында эле Кыргызстандын шаардык райондорунда жер пайдаланууга жасалган анализ көрсөткөндөй, бардык шаарлар кеңейип жатат, атүгүл, калктын саны өспөгөн же көп деле жакшы өспөгөн шаарлар да кеңейүүдө. Буга ылайык шаарлардын калкынын жыштыгы да азаюуда. Мисалы, Бишкекте 2000-жылдан 2015-жылга чейинки мезгил аралыгында калктын саны 18,6%, ал эми шаардын аймагы 36,5 пайызга көбөйгөн. Макул, бул тенденцияны борбор калаа өсүп жатат деген көз караштан алып түшүндүрсө болот. Бирок Сүлүктү өңдүү чакан шаарлар үчүн мындай түшүндүрмө көп туура келбейт – бул шаарларда калктын саны 3%, ал эми шаардын аянты ушул эле мезгил аралыгында 70% көбөйгөн[1].

Муну бир канча себептер менен түшүндүрсө болот. Жер кодекси кабыл алынгандан кийин бардык жарандарда жерге ээлик кылуу укугу пайда болду. Муну менен катар менчиктештирилген коммуналдык үйгө (коммуналдык турак жайдын менчик ээлеринин балдары түзгөн, жаңы пайда болгон үй кожолуктары, же ушул тапта иштебеген ишканалар берген жатаканалардан көчүрүлгөндөр) укугу болбогон жарандарга, кайрадан курулган коммуналдык турак жай бирдиктери болбогон учурларда жергиликтүү өз алдынча башкаруу тандап алган жерлерде участоктор берилген. Мындай өнүгүүнүн башка бир себептери: 1) өзгөчө ири шаарларда жер участокторуна байланышкан спекулятивдик мүнөздөгү бүтүмдөр: жер жана менчик чет өлкөдө иштеген көптөгөн эмгек мигранттары үчүн узак мөөнөттүү жакшы инвестиция катары каралууда[2]; 2) 2005-жылы жана 2010-жылы элдик көтөрүлүштөрдөн кийинки башаламандык – Бишкектин четиндеги жерлер көп учурда мыйзамсыз басып алынган; 3) курулушту көзөмөлдөө жаатында аймактардын өнүгүүсүн пландоо системасы иштебей жатат.

Иш жери шаардын борбору бойдон калып жаткан чакта, шаарлардын “жөрмөлөп тароосунун” жыйынтыгы күн сайын ары-бери каттоого кеткен убакыттын көбөйүшүнө, мындан улам парник газдарынын чыгындысынын көбөйүшүнө жана абанын булганышына алып келүүдө. Бул болсо өз кезегинде борбордук райондордогу температурага таасирин тийгизип жатат – бул райондор ушундай таасирди азайтуу үчүн көбүрөөк электрэнергиясын керектөөдө. Бишкектин ар кайсы райондорунда шаардын четине салыштырмалуу температура 5-10$^{\circ}$С жогору. Акыркы 20 жылда шаардагы бак-дарактардын саны 75% кыскарганы да кырдаалды татаалдаштырды[3]. Ошондой эле коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө суроо-талап өсүп жатат. Мындан тышкары жашоого болбой турган, кооптуу участоктордо курулуштун эсебинен да, климаттын өзгөрүүсүнүн кесепетинен улам экстремалдуу аба шарттарынын эсебинен да табигый кырсыктар көп болуууда.

ICFI компаниясы Дүйнөлүк банк үчүн жүргүзгөн изилдөө[4] калктын азыркы өсүш ыргагын эсепке алуу менен, 2025-жылга чейин Бишкектин өнүгүүсүнүн төрт сценарийинин баасын баалады. Бул баага шаардык курулуш үчүн колдонулган айыл чарба багытындагы жерлердин альтернативалык баасына, аймактарды тейлөөгө кеткен чыгашаларга, ары-бери каттоолордун баасынын өсүшүнө жана $CO^2$ чыгындыларынын көбөйүшүнө жасалган баалоо кирет. Бир сценарийге ылайык, шаар айыл чарба багытындагы жерлерди кошумча трансформациялоонун эсебинен кеңейген эмес. Ал эми экинчи сценарий боюнча, шаардагы курулуштар азыркыдай жыш жайгашуусу сакталат деген шарттарда курулган. Үчүнчү жана төртүнчү сценарийлер боюнча, турак жай курулушунун жыштыгы 20 пайызга азаят. Жыштык азайган сценарийде жерге кеткен чыгымдар эң төмөн болгон, калган чыгымдар пропорционалдуу эмес өсүп турган. Бирок шаарды кеңейтүү үчүн жерлерди сатып алууга коюлган чектөөлөр жерге болгон бааның көбөйүшүнө алып келмек. Буга жараша чыгымдар да жогоруламак. Көбүрөөк туура келген сценарийди аныктап алуу үчүн пайдага жана чыгымга дыкат анализ жасалыш керек. Бирок азырынча жаңы шаардык түйүндөрдү (активдүүлүктүн борборлорун) өнүктүрүү өңдүү чечимдерди карап чыгыш керек. Бул болсо ары-бери каттоого, жумушка барып-келүүгө, соода кылууга кеткен убакытты азайтмак. Ошондой эле ушундай альтернативалуу борборлорду өнүктүрүүгө инвестицияларга колдоо көрсөтүү зарыл. Бул чечимдерди киргизүү, каржы булактарын табуу жана ишке ашыруу жөндөмдүүлүгү жана мүмкүнчүлүгү

[1] Шаарлардын табигый кырсыктарга туруктуулугун жогорулатуу. 1-тапшырма боюнча отчет: Кыргыз Республикасында шаардык пландоо, шаарларды өнүктүрүү жана кеңейтүү. Дүйнөлүк банк үчүн ICFнин изилдөөсү. 2016-жыл.

[2] Калктын эмгекке жарамдуу бөлүгүнүн 23% жакыны чет өлкөдө жашайт жана эмгек мигранттарынын акча которуулары ИДПнын 14% түзөт. 1-тапшырма боюнча отчет. Шаарды өнүктүрүүнүн долбоору: “Кыргыз Республикасында шаар куруу, шаарларды өнүктүрүү жана кеңейтүү”; Шаарлардын табигый кырсыктарга туруктуулугун жогорулатуу, ICF, 2015. Ушул бөлүк негизинен докладга таянат. Мындан тышкары бул корутунду “Акча которуулардын Кыргызстандын экономикасына тийгизген таасири” аттуу документке таянат (Кыялбек Акмолдоев жана Айдай Будайчева – 2012-жылы Евразиялык экономикалар үчүн эл аралык конференциянын документи). Бул документ акча которуулар инвестициялар өнөр жай ишканалары же билим берүүгө эмес, керектөөчү товарларга жана турак жайга колдонулуп жатканын тастыктайт.

[3] Бишкектин агломерацияларын жана кошуна спутник шаарларды түзүүнүн жана өнүктүрүүнүн негизги багыттары. Концепция. Бишкек, 2015-жыл.

[4] Ошол эле жерде.

көп факторлордон көз каранды. Алардын бири – бул биз төмөн жакта, 2-главада сөз кылган шаардык пландоо системасы.

- **Табигый жана антропогендик кырсыктар коркунучунун көбөйүүсү**

Өлкөдөгү шаар элинин 75% жашаган 80 ири калктуу конуш (бардык ири шаарларды кошкондо) жер титирөө ыктымалдуулугу жогору аймактын 20 пайызында орун алган. Медведев – Шпонхойер – Карниктин интенсивдүүлүк шкаласы боюнча бул аймактарда жер титирөөнүн күчү 9 баллдан ашышы ыктымал (MSK-64). Курулушта жана аны пландоодо тобокелдиктерди азайтууга багытталган эрежелер сакталган учурларда жогоруда айтылган коркунуч олуттуу көйгөй болбойт. Бирок мындай эрежелер практикада колдонулбаган учурда адамдар жана инвестициялар үчүн тобокелдик бир кыйла жогорулайт. Статистика боюнча, жер титирөө менен жер көчкү чогуу Кыргызстанда өлүм санынын 90%, экономикалык жоготуулардын 97% түзөт[1].

Шаардын ушундай түрдө өнүгүүсүнүн натыйжасында шаардын структурасы татаалдашты – райондордун бир бөлүгү жаңылануудa, ошол эле маалда бир бөлүгү туурасынан жана өйдө көздөй кеңейип жатат, ал эми калган бөлүгү начарлоодо. Шаардык мейкиндиктин жаңы типтери түзүлүүдө: көп функционалдуу шаардык ядролор, шаар борборунда жогорку класстагы көп батирлүү үйлөр, совет доорунан калган эски курулуштар, кунары кеткен өнөр жай зоналары жана эң негизгиси – шаардын четиндеги уруксат берилбеген жана жарым-жартылай уруксат алынган курулуштар (жаңы конуштар). Мындай жаңы конуштар шаардын жакыр райондорунда бүтпөй калган же кароосуз калган үйлөрдөн турат. Ал эми шаардын четиндеги формалдуу конуштардын өнүгүү ыргагы жай жүрүүдө[2]. Бишкектин өнүгүүсүндөгү көйгөйлөр төмөнкүдөй: шаардын жыш болуп өсүүсү, элементардык кызмат көрсөтүүлөр болбогон райондор, табигый кырсык коркунучу жогору жерлердеги курулуштар, жол тыгыны жана абанын булгануусу, ачык мейкиндиктин барган сайын азайып жатышы, сел жүрүү коркунучу. Бул көйгөйлөрдүн айрымдары кароосуз калган аймактары бар болгон башка шаарлар үчүн да актуалдуу.

## 2. Пландоо системасы

### Аймактардын өнүгүүсүн пландоо жана шаардык пландоо

Аймактарды өнүктүрүү пландарын иштеп чыгуу жана ишке ашырууда Архитектура, курулуш жана коммуналдык чарба боюнча мамлекеттик агенттик өзөктүк ролду ойнойт. Аймактарды пландоого жана курулушка тиешелүү мыйзам долбоорлорун сунуштоо, шаар куруу жана курулуш ченемдерин белгилөө, Долбоорлоо институту (Шаар куруунун КИИДИ) жана башка органдар менен башкы жана деталдуу пландарды иштеп чыгуу ушул агенттиктин милдетине кирет. Курулушка уруксат берүү өңдүү эле башкы жана деталдуу пландарды бекитүү муниципалитеттин (Бишкек шана Ошту кошпогондо) жоопкерчилигинде. Уруксат берилген курулуштун жүрүшүн көзөмөлдөөнү негизинен архитектуранын жергиликтүү органы менен Экологиялык жана техникалык коопсуздук боюнча мамлекеттик агенттиктин тийиштүү бөлүмү жүзөгө ашырат.

Мейкиндиктик жана шаардык пландоо системасы совет мезгилинен бери көп деле өзгөргөн жери жок. Жерди пайдаланууга карата коюлган талаптарды аныктоо үчүн шаблонго салынган стандарттар жана ченемдер колдонулуп келет. Шаарды пландоо биринчи кезекте шаар курууну долбоорлоого байланыштуу болот. Пландарды даярдоого салынган инвестициялар чектелүү болгондуктан, эрежеге ылайык, көп учурда өнүгүүнүн пландалбаган тенденцияларына байланышкан шаардын улам өсүп жаткан керектөөлөрү демилге катары көтөрүлбөстөн, жөн гана реакция катары болуп калууда. Буга пландоо үчүн жооптуу болгон органдардын чабалдыгы да себеп болуп жатат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзам башкы пландарды жана жеринде пландарды иштеп чыгуу үчүн жоопкерчиликти ЖӨБго жүктөйт. Бирок Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба боюнча мамлекеттик агенттиктин (АКТКЧ МА – Мамкурулуш) кайра уюштурулушу Архитектура жана шаар куруу боюнча мамлекеттик долбоорлоо институтунун (МДИ) ишин субсидиялоо иштебей калганын, себеби институт өзүн өзү каржылашы керектигин билдирет. Бул болсо ЖӨБдөн бюджеттик каражатты МДИге (же тийиштүү классификациясы бар жеке долбоор түзүүчүгө) заказ бере тургандай бөлүштүрүүнү, башкы пландарды, ошондой эле деталдуу пландарды жана ченемдик актыларды кайра карап чыгууну же иштеп чыгууну талап кылууда. Каражаттын жоктугуна байланыштуу көпчүлүк муниципалитеттер үчүн башкы пландарды иштеп чыгуу артыкчылыктуу тапшырма болуп саналбайт. Ошондой эле ЖӨБго планды иштеп чыгууга техникалык тапшырманы даярдап, ушул ишти контролдоого потенциал жетпейт. 1800 калктуу конуштун 10 пайызында гана жаңы (2001-жылдан кийин иштелип чыккан) башкы пландар бар. Калктуу конуштардын 48% 1991-жылга чейин иштелип чыккан башкы план бар. 31 шаардын ичинен (Ош жана Бишкек шаарларын кошкондо) 13үндө гана бекитилген пландар бар же алар даярдалуу, бекитүү процессинде турат. Көпчүлүк калктуу конуштарда аймактык пландар 20 жылдан ашык убакыттан бери кайра каралган эмес

[1] 2005-2014-жылдар аралыгында 10 жыл үчүн алынган маалыматтардын негизинде. Табигый кырсыктардын жана тобокелдиктердин профили: Кыргызстан, 2014; www.preventionweb.net/countries/kgz/data/
[2] Ошол эле жерде.

жана өзгөргөн эмес[1]. Долбоорлоо институтунун “кардары” болуу үчүн ЖӨБ органдарында потенциал жетишсиз болгондон тышкары, аларга башкы план менен муниципалитеттин социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларынын ортосундагы байланышты камсыз кылуу да оор болуп жатат. ЖӨБ органдары курулуш иштери планга ылайык жүрүшүн камсыз кылуу үчүн гана өзүн жооптуу деп эсептейт. Шаарды өнүктүрүү пландарынын (башкы пландардын) көпчүлүгү башка тармактар үчүн кесепеттерди эске албастан даярдалган жана өзүнө планды жүзөгө ашыруу стратегияларын камтыбайт.

Аймактарды өнүктүрүү пландарынын мазмуну жана пландарды иштеп чыгуу механизми облустарды/региондорду өнүктүрүү жөнүндө чечимдер борбордо кабыл алынгандан бери көп деле өзгөргөн жок. СССР кулагандан кийин саясий жана экономикалык чөйрөлөрдөгү олуттуу өзгөрүүлөр пландарды кайра иштеп чыгууга, алардын мазмунуна жана ишке ашырууга карата таптакыр башкача мамиле жасоону талап кылууда. Совет мезгилинде бардык жерлер мамлекетке тиешелүү болчу жана финансы базарында баасы болгон эмес, мамлекетте баасы боюнча жарамдуу жана жеткиликтүү жер ресурстарын издөө түйшүгү да жок болчу. Жер кодекси кабыл алынгандан кийин жерлердин басымдуу бөлүгү менчиктештирилип кетти. Ал эми Жарандык кодекс жер участокторунун ээлерин коргойт. Базар экономикасынын шарттарында пландарды иштеп чыккандар экономикалык өсүшкө (же түшүүгө), калктын санынын өсүшүнө ылайык жер жана инфраструктура үчүн талаптарды киргизе алышкан жок.

Ошентип, мейкиндикти пландоо системасы толук ачык-айкындыктан белгисиздикке өтүп, план түзүүчүлөр таасирин тийгизе албаган факторлордон көз каранды болуп калды. План түзүүчүлөр өз мамилесин да өзгөртүүгө мажбур болушту: жер пайдаланууну илимий нормалардын жана стандарттардын негизинде пландоодон өнүктүрүү типтерине жараша түрдүү аймактардын артыкчылыктарына жараша пландоого өтүштү. Мындай пландоо аймактарды ойдогудай өнүктүрүүгө дем берген же бут тоскон административдик, финансылык жана башка факторлорду эсепке алат. Бул болсо аймактарды өнүктүрүү пландары социалдык-экономикалык өнүктүрүү программалары (СЭӨП) менен тыгыз байланышта болушу керек дегенди билдирет. Учурда пландар ишке ашыруу программасы, чыгашаларды баалоо, пландын ишке ашырылышын каржылоо боюнча сунуштар менен бекемделген эмес. Айрым гана учурларда план же жеке инвестордун демилгеси боюнча, же мамлекеттик долбоор үчүн иштелип чыгат.

[1] 1-бөлүм: “Калктуу конуштарды башкы пландар менен камсыз кылуу боюнча учурдагы кырдаалга анализ”, “2017-2030-жылдарга Кыргыз Республикасынын шаарларынын жана калктуу конуштарынын башкы пландарын иштеп чыгуу жана камсыздоо боюнча программасы жөнүндө” КР Өкмөтүнүн токтом долбооруна 1-тиркеме. Долбоорду АКТКЧ МА даярдаган, 2017-жылдын март айы.

Мындан тышкары сунушталган пландардын таасири тийчү жарандардын коомдук талкууларды жана консультацияларды өткөрүү укуктары Шаар куруу жөнүндө мыйзамда каралган. Бирок пландарды иштеп чыгуу жана бекитүү процессинин түрдүү этаптарында пландарды коомчулук жана кызыкдар жактар менен талкуулоо кантип өтүш керектиги мыйзамда көрсөтүлгөн эмес. Пландоо илимий процесс катары каралууда жана процесс саясатташтырылып, планды иштеп чыгуу боюнча жумуштар үзгүлтүккө учурап же создугуп кетет деген кооптонуулардан улам адистер бул процесске кызыкдар адамдардын (коомчулуктун жана жашоочулардын) катышуусуна даяр эмес.

Мунун ыктымалдуу кесепеттеринин бири – кызыкдар жактардын планга тиешеси жок болуп калат. Пландарды сактоо үчүн институционалдык потенциалдын чабалдыгын, саясий эрктин жоктугун жана коррупцияны эске алганда, пландар шаардагы калктуу конуштардын мейкиндиктик структурасын өнүктүрүү үчүн колдонмо болбой калышына алып келүүдө. Бул болсо өз кезегинде туура келбеген аймактарда (кооптуу деп табылган ж.б.) уруксат берилбеген курулуштарга жол ачууда.

Ошондой эле КРда мейкиндикти пландоодо колдонулган технологиялар башка өлкөлөрдөн артта калууда. Айталы, санариптик картографиялоо жана аймактардын пландарын жалпы улуттук геомаалыматтык системанын негизинде иштеп чыгуу жөнүндө сөз болууда. Бирок Мамлекеттик каттоо кызматы жер участокторун жана кадастрларды каттоо үчүн ушундай системаны колдонуп келатат. Өзгөчө кырдаалдар министрлигинде да өзүнүн санариптештирилген маалымат базасы бар, шаар куруу пландары, эрежеге ылайык, кагаз карталарын колдонуу менен иштелип чыгат.

Кагаз карталары жана планшеттер убакыт өткөн сайын жараксыз абалга келип, сандардын тактыгы жана ишенимдүүлүгү жагынан алып караганда санарип карталарга жетпейт. План түзүүчүлөр колдонгон маалыматтарды, мисалы, кооптуу зоналар, тарыхый эстеликтер жайгашкан жерлер, экологиялык жактан аярлуу райондор, республикалык маанидеги жолдорду куруу пландары жана ири инфраструктуралык долбоорлор жөнүндө маалыматтарды жайгашкан жерине негизделген социалдык-экономикалык маалыматтар менен кошо базалык картага жеңил эле көчүрүп чыкса болот (эгерде бул маалыматтар санарип түрүндө болсо). Бул болсо план түзүүчүлөргө долбоорлоонун варианттарын жакшыраак түшүнүүгө жардам берет. Мындан тышкары инвесторлордо жер пайдалануу (уруксат берилгендери) жөнүндө, райондордун чегиндеги курулмалардын абалы тууралуу маалыматтары бар болсо, алар өз иш-аракеттерин болжолдоп, пландай алышмак. Эгерде бул маалыматтар бир порталда топтолсо, анда инвестициялардын көбөйүшүнө көмөктөшөт. Мындай санариптик маалымат регистрлерди салыктарды жыйноону жакшыртуу жана мамлекеттик ак-

**Литвада Юстиция министрлигине караштуу Регистрлер борбору түрдүү ведомстволор биргелешип колдоно ала турган маалыматтар базасынын (регистрлердин) системасын иштеп чыккан. Борбордо 11 реестр бар, аларга жер жана кадастр маалыматтары, пландоо жана бир катар башка маселелер боюнча маалыматтар, ошондой эле бардык адамдар үчүн демографиялык, медициналык маалыматтар, жарандык ишканалардын каттоосу тууралуу маалыматтар кирет. Башка министрликтерде жана мекемелерде өзүнүн ресурстары бар. Айталы, Айлана-чөйрө министрлиги өз системасын иштеп чыккан, анын жардамы менен үй куруучулар бир эле порталдан жер участокторунун статусу жөнүндө маалыматты таба алышат. Бул маалыматтык система жалпы ГИС-картасын колдонот, ал болсо Регистрлер борборунун маалымат базалары менен интеграцияланган. Курулушка уруксат алууну каалагандар онлайн түрүндө арыз бере алышат жана муниципалитеттин же министрликтин порталынын жардамы менен арыз берүүнүн жүрүшүнө көз салып тура алышат. Мисалы, “Вильнюс Планас” муниципалдык ишканасы маалыматтардын 120 катмары бар ГИС-системасын иштеп чыккан. Алардын арасында жер алдындагы инфраструктура жана учурдагы жер пайдалануунун, шаар куруунун регламенттери тууралуу маалыматтар, конкреттүү райондогу же жер участогундагы чектөөлөр тууралуу маалыматтар бар. Бул болсо коммуналдык компанияларга аймактарды өнүктүрүү көз карашынан алганда шаардык түйүндөргө болгон жүктү баалоого жардам берет. Бул ошондой эле шаардагы курулуш жүрбөгөн, бош турган участокторду аныктоонун эсебинен муниципалитеттерге кирешесин көбөйтүп алууга жардам берди. Кеңири коомчулук үчүн негизги маалымат акысыз берилет. Ал эми маалыматтарды коммерциялык максаттарда колдонгондор төлөгөн акы системаны эксплуатациялоого жана иштеп чыгууга кеткен чыгымды жаап турат.**

тивдерди сатууда ачык-айкындуулукту жогорулатуу үчүн колдонулса болот. Бул болсо ЖӨБдүн финансылык абалын да оңдойт. Атүгүл регистрлердин базасында курулушка уруксат берүүчү документтерди берүүнүн маалыматтык системасын да иштеп чыкса болот. Бул болсо жарандарга жана компанияларга уруксатты тезирээк жана буга жараша арзаныраак алууга шарт түзөт. Дагы бир маанилүү жагы – мындай система аймактарды өнүктүрүү пландарын даярдап, ишке ашырууда ачык-айкындуулукту жана пландардын инклюзивдүүлүгүн камсыздамак. Бул система дагы толугураак иштелип чыгып, масштабы кеңейтилиши керек. Ошондо ал план түзүүчүлөр үчүн да, жергиликтүү экономика үчүн да өзүн бир топ актамак.

АКТКЧ МА шаар курууну жана курулуш тармагын реформалоо боюнча сунуштарын даярдады. 2017 – 2025-жылдарга курулуш тармагын өнүктүрүү стратегиясы негизги стратегиялык багыттарды камтыйт. Алар: мыйзамдар, институционалдык пландоо, шаар куруу жана архитектура, курулуш материалдарын өндүрүү, курулуштун жана имараттардын энергоэффективдүүлүгү, турак жай курулушу, экологиялык коопсуздук, бюджеттик баалоо жана башкалар. Божомолдор боюнча, программада каржылоону талап кылган жумуштар өтө көп. Ал арада 2013-жылы Мамлекеттик долбоорлоо институту Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине Шаар куруу кодексинин долбоорун сунуштады. Бул кодекс Стратегияга сунушталган маселелердин ушул өңдүү чөйрөсүн камтыйт. Бирок кодекстин долбоорунда пландоо системасы (пландардын иерархиясы), ошондой эле пландарды макулдашуу жана даттануу процесси сүрөттөлгөн эмес. Ошондой эле кодексте СЭӨП менен шаар куруу пландары кантип байланыштырылып, макулдашылат деген маселе каралбай калган. Пландарды даярдоо жана бекитүү процессинде кызыкдар жактардын эффективдүү катышуусун камсыз кылуу системасы кодексте көрсөтүлгөн эмес. Шаар куруу кодексинин долбоору кайра карап, толук иштеп чыгуу үчүн Мамкурулушка кайтарылган.

## Социалдык-экономикалык пландоо системасы

Кыргыз Республикасында өнүктүрүү маселелерин улуттук Өкмөт жергиликтүү мамлекеттик администрациялар (ЖМА) аркылуу, ошондой эле ЖМА жана жеке сектор уюмдары аркылуу ишке ашырат. Өлкөдө өнүктүрүүнү камсыз кылуу максатында мамлекеттик жана жеке сектордун кызматташтыгы аркылуу ишке ашырылган мамлекеттик-жеке өнөктөштүк (МЖӨ) механизми өнүгө баштады. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик секторунда эки автономдук система иштейт: мамлекет жана муниципалитеттер. Мындай системанын натыйжасында “биринчиден, жергиликтүү жамааттарда жашаган жарандар өз муктаждыктарын өкмөткө жеткире алышпайт; мамлекеттик программаларда алардын муктаждыктары чагылдырылганын көрүшкөн жок. Экинчиден, өкмөттүн программалары (тармактык же тематикалык) аларды жеринде, жергиликтүү жамааттардын деңгээлинде, жашоочулардын күтүүлөрүнө жана муктаждыктарына ылайык ишке ашыруунун эффективдүү механизмдерин караштырган эмес. Натыйжада мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары улуттук жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө байланышкан муктаждыктарды канааттандыруу жаатында кандайдыр бир деңгээлде алсыз болууда”[1][2].

“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамга ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары аймактын жашоо-турмушунун

1 https://translate.googleusercontent.com/translate_f

2 Макулдашылган региондук пландоонун концепциясын Бюджеттик чечимдер институту жана Өнүктүрүү демилгелер агенттиги менен консорциумда Өнүктүрүү саясат институту даярдаган. Концепция Жарандык коомду колдоо боюнча GIZ долбоорунун буюртмасы менен “Жергиликтүү жамааттын керектөөлөрүнүн негизинде айылдык аймактарды социалдык-экономикалык өнүктүрүү”Долбоорунун алкагында даярдалды. Бишкек, 2016-жыл.

тутумунун иштешин жана өнүгүшүн, социалдык-экономикалык пландаштырууну уюштуруу менен калкка социалдык жана маданий кызматтарды көрсөтүүнү уюштуруу үчүн жоопту. Аны менен катар, ЖӨБО аймактын экономикалык өнүгүшүн камсыз кылуу, калкты ичүүчү суу менен жабдуу, турак жай чарбасы, жергиликтүү маанидеги жолдор, ошондой эле катуу тиричилик калдыктарын чыгаруу үчүн да жооп беришет. Мындан тышкары мыйзамда жергиликтүү кеңештин макулдугу менен өкмөт ЖӨБОнун функцияларынын тизмесин кеңейте алаары да белгиленген.

Борбордук деңгээлде министрликтер жана ведомстволор Улуттук өнүктүрүү стратегиясын жетекчиликке алышат, аны КР Президенти кызматына киришкенден кийин бекитет. Бирок бул стратегия улуттук деңгээлдеги максаттарды чагылдырат, ал эми алар болсо жергиликтүү өнүгүүнүн конкреттүү муктаждыктарына дайыма эле үндөшө бербейт жана жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктуу маселелерин дайыма эле эсепке ала бербейт. Бардык министрликтердин жана ведомстволордун жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын ар кайсы деңгээлдеринде – облустардын, райондордун жана айылдык аймактардын деңгээлдеринде өкүлчүлүктөрү бар. Жергиликтүү мамлекеттик администрацияларга (ЖМА) жергиликтүү деңгээлде министрликтердин программаларын жана тапшырмаларын ишке ашырууну камсыз кылуу тапшырылган. Ошону менен бирге жетекчилик бийликтин вертикалы боюнча, “жогорудан төмөн карай” – жергиликтүү башкаруу органдарынын бир нече деңгээлдери аркылуу жүзөгө ашырылат. ЖМАнын негизги жоопкерчилиги – жамааттардын муктаждыктары тууралуу маалыматты алып, болочоктогу программаларды жана долбоорлорду иштеп чыгууда алардын эсепке алынышын камсыз кылуу эмес, өз секторундагы ишти каттоо.

Бардык тармактар кызмат көрсөтүүнүн жана аймактык пландоонун бекитилген стандарттарын колдонушат. Буга карабастан стандарттардын негизинде пландоого карата жасалган мындай мамиле адатта жергиликтүү деңгээлде ресурстар чектелүү болгондуктан ишке ашырылбай калууда. GIZдин буюртмасы боюнча пландоонун азыркы системасына жасалган изилдөөдө Өнүктүрүү саясат институту маанилүү жагын белгилейт: министрликтердин борбордук аппараттарынын көпчүлүк программалары “декларативдүү” мүнөзгө ээ жана жергиликтүү деңгээлде кантип ишке ашырса боло турганы жөнүндө толук маалыматты камтыбайт[1]. Андан ары авторлор аймактардын социалдык-экономикалык өнүгүүсүн пландоо үчүн жол-жоболордун бирдиктүү жана так топтому болбогун белгилешет. Бул жол-жоболор улуттук артыкчылыктарды жергиликтүү жамааттардын артыкчылыктары менен интеграциялоого, жамааттардын керектөөлөрүн аныктоого, мамлекеттик өнүктүрүү программаларын иштеп чыгуу маалында эсепке алууга, аймакты өнүктүрүүнү пландоодо борбордук мамлекеттик органдардын, алардын аймактык бирдиктеринин, жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ролдорун жана өз ара аракеттенүүсүнүн тартибин аныктоого жол бермек”. КР Экономика министрлигинин 27-февралдагы №45 Буйругунда комплекстүү пландоонун мазмуну жана формасы тууралуу кеңири камтылган. Бирок процесс тууралуу айтылган эмес.

Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар тиешелүү аймактардын жашоочуларынын керектөөлөрүнө жооп бергидей программаларды ишке ашыруу менен алектенишпейт. Алар негизинен стандарттык статистикалык маалыматтарды чогултууга басым жасашат. Бул маалыматтар болсо, учурдагы тармактык программалардын максаттарына, тапшырмаларына жана көрсөткүчтөрүнө байланган эмес. Мындан тышкары МЖА райондук деңгээлде мамлекеттик саясаттын ишке ашырылышын координациялабайт. Мындан улам МЖА жашоочулардын биринчи кезекте чечилиши керек болгон муктаждыктарын эсепке албаган инвестицияларга артыкчылык берип коюшу ыктымал. Ушуну менен бирге МЖАда бул процесске кандайдыр бир жол менен кошулуу үчүн ыйгарым укуктары жок[2].

Мамлекеттик программалардын ишке ашырылышына көзөмөл жүргүзүү системасы жергиликтүү деңгээлде мамлекеттик программалардын рационалдуу жана натыйжалуу ишке ашырылуусуна көмөктөшкөн жок. Мамлекеттик программалардын эффективдүүлүгү жөнүндө отчеттуулук Жогорку Кеңешке сектордук отчетторду берүү менен гана чектелип калууда[3].

## Айлана-чөйрөнү коргоону башкаруу системасы (АКБС)

Кыргызстанда “айлана-чөйрөнү коргоо” түшүнүгү советтик жаратылышты коргоо системасынын негизинде түптөлүп калган. Бул система негизинен сейрек жана жоголуу коркунучу алдында турган айбанаттарды (фаунаны) жана өсүмдүктөрдү (флораны) коргоого, жумушчу класстын жана дыйканчылыктын өкүлдөрүнө жеткиликтүү болгон айлана-чөйрөнүн санитардык-эпидемиологиялык фонун камсыз кылууга байланыштуу болчу.

Салыштырмалуу жакындан бери эле “айлана-чөйрөнү коргоо” жана андан кийин “экологиялык менеджмент” түшүнүктөрү табигый ресурстарга, антропогендик таасирге жана индустриалдык муундун техникалык прогрессине карата глобалдык көз карашка байланыштуу туюндурулуп калды. Бул түшүнүктөр жаратылышты/айлана-чөйрөнү

[1] Ошол эле жерде.

[2] Ошол эле жерде.
[3] Ошол эле жерде.

"климаттын өзгөрүүсү", "жерлердин ээн калуусу" жана "биологиялык көп түрдүүлүктү жоготуу" өңдүү түшүнүктөр менен байланыштырып турат. КР Өкмөтүнүн стратегиялык программалары жер, суу жана биологиялык ресурстарды үнөмдүү пайдалануу турмуш-тиричиликти камсыз кылуу үчүн зарыл шарт, жумушсуздукту жана жакырчылыктын деңгээлин азайтууда маанилүү фактор деп таанызйт. Ошондой эле бул ресурстар өлкөнүн мындан кийинки экономикалык өсүшүн жана туруктуу өнүгүүсүн камсыз үчүн маанилүү.

2003-жылы миң жылдыктын максаттарын жүзөгө ашыруу жөнүндө доклад кырдаалды мындайча мүнөздөгөн эле: "...өнөр жай өндүрүшүнүн азайышынын натыйжасында Кыргызстанда айлана-чөйрө үчүн берилген салыштырмалуу тынығуу туура эмес колдонулуп жатат". Бирок шаарлардын ээ-жаа бербей өсүшү жана тоо-кен ишканалардын көзөмөлсүз иши кырдаалды начарлатты.

Абанын булгануусунда шаарлардын үлүшү чоң, шаарлар энергиянын негизги керектөөчүлөрү жана катуу тиричилик калдыктарынын негизги бөлүгүн чыгарышат. Болгондо да бул процесстер циклдүү жана өз ара байланышта. Абанын булгануусунун негизги булактарына[1] төмөнкүлөр кирет: жылуулук, коммуналдык чарбалык, транспорт (негизинен жеке автотранспорт) жана өнөр жай[2]. Көпчүлүк шаарларда бак-дарактардын саны олуттуу түрдө кыскарды жана алардын сапаты да начарлады. Буга жеке турак үйлөрдүн жана коммерциялык имараттардын курулушу, көчөлөрдүн кеңейип жатышы, жаңы жолдордун салынышы да себепчи болду (мисалы, Бишкекте калктын жан башына бак-дарактардын саны 1980-жылы 21 чарчы метр болсо, 2014-жылы 7 чарчы метрге чейин кыскарган).

Буга чейин айтылгандай, шаарлар түшүмдү көп берүүчү айыл чарба жерлерин трансформациялоонун эсебинен кеңейди. Шаарлардын айланасындагы айыл чарба жерлерин жана токойлорду мыйзамсыз трансформациялоодон, курулуштардан коргоо жана сактоо план түзүүчүлөр жана экологдор үчүн маанилүү милдеттердин бири болуп саналат.

Айлана-чөйрөнү коргоо жана жаратылышты пайдалануу жаатындагы улуттук саясатты Айлана-чөйрөнү жана токой чарбасын коргоо боюнча мамлекеттик агенттик (АЧжТЧКМА) даярдап, ишке ашырууда. 2005-жылга чейин бул функция Экология жана өзгөчө кырдаалдар министрлигине таандык болчу. Аталган министрлик кайра түзүлүп, анын функциялары Өзгөчө кырдаалдар министрлиги (ӨКМ) менен АЧжТЧКМА ортосунда бөлүштүрүлгөн. Жаратылыш ресурстарын башкаруу маселелерине Айыл чарба жана суу чарба министрлиги жана мурдагы Отун-энергетикалык ресурстар жана кайра иштетилчү өнөр жай министрлиги да катышып келди. Башка министрликтер жана ведомстволор тармактык фокусуна жараша (мисалы, транспорт), ошондой эле өкмөттүн стратегиялык программаларын ишке ашыруунун алкагында айлана-чөйрөнү коргоо маселелери менен алектенүүдө. Климаттын өзгөрүүсү жаатындагы саясатты Климаттын өзгөрүүсү боюнча координациялык комитет (КӨКК) жүзөгө ашырат. Бул – вице-премьер-министрдин төрагалыгы алдындагы жогорку деңгээлдеги өкмөт аралык комитет.

Учурдагы системанын күчтүү жактарына төмөнкүдөй демилгелерди, стратегияларды жана практикаларды киргизсе болот:

Мамлекеттик агенттик КРнын климаттык туруктуулук боюнча пилоттук программасынын алкагында Климаттын өзгөрүүсүнө туруктуулуктун стратегиялык программасы боюнча ишти баштады (АӨБ, ЕБРР жана Дүйнөлүк банктын биргелешип каржылоосу);

- шаар курууну долбоорлоодо колдонулган илимий ыкма айлана-чөйрөгө тийгизген таасирди баалоону эсепке алат,
- инфраструктураны долбоорлоого коюлган талаптарды климатка туруктуу чечимдердин жана параметрлердин пайдасына кайра карап чыгуу (АӨБ, ЕБРР жана Дүйнөлүк банктын долбоорлорунда),
- ири жана орто шаарларда жашоо сапатын жакшыртуу максатында ЕБРР зайым берип, инвестициялар программасын жүзөгө ашырууда жана жакында эле "Жашыл шаарлар" зайымдар программасын ачкан;
- отун-энергетикалык тармактагы мыйзамдар климаттын өзгөрүүсүнө байланышкан ченемдерди камтыйт, ошондой эле алар Улуттук энергетикалык программада жана 2010-2025-жылдарга ТЭК Стратегиясында берилген;
- "Юнисон Групп" коомдук фонду энергияны үнөмдөө жана керектөөчүлөр үчүн энергоэффективдүүлүк идеяларын ийгиликтүү ишке ашырып жатат. Бул болсо маалымдоо боюнча жалпы улуттук өнөктүктөр, тейлөө сапаты боюнча борборлордун иши, бизнес менен мамлекеттин өнөктөштүгү аркылуу ишке ашууда;
- "Юнисон Групп" координациялаган Кыргызстандын Климаттык түйүнү жигердүү иш алып барууда. Түйүн климаттын өзгөрүүсүнө адаптациялануууга багытталган иш-аракеттерди илгерилетүү жана координациялоо үчүн бейөкмөттүк механизм катары иштейт.

Бирок азыркы системада бир катар кемчиликтер да бар. Эл аралык Валюта фондунун маалыматтары боюнча, Кыргызстанда айлана-чөйрөнү коргоого кеткен чыгашалардын деңгээли өтө төмөн. 2011-жылы ал өлкөнүн ИДП 0,1% гана түзгөн. Бул болсо республикалык бюджеттен 0,4% гана бөлүндү

[1] Абанын сапатына мониторинг беш шаарда – Бишкекте, Кара-Балтада, Чолпон-Атада, Ошто жана Токмокто жүргүзүлгөн.
[2] 2006-2011-жылдар мезгилинде Кыргыз Республикасынын айлана-чөйрөсүнүн абалы тууралуу улуттук отчет.

дегенди билдирет[1]. АЧжТЧКМА – айлана-чөйрөнү коргоо боюнча негизги ведомство. Бирок учурда анын статусу министрликтен төмөн. Бул болсо экологиялык артыкчылыктарды экономикалык иштер менен интеграциялоодо кыйынчылыктарды жаратууда[2].

Айлана-чөйрөнү коргоо башкармалыгына өнөктөш катары башка кызыкдар жактарды (бизнести, жер ээлерин, коомдук уюмдарды) тарткан көп тараптуу өнөктөштүк жетишпей жатат. Ошондой эле АЧКБ саясатын иш жүзүндө даярдап, ишке ашыруунун ортосунда ажырымдар бар. Мисалы, жергиликтүү СЭӨПда айлана-чөйрөгө тийгизген таасирине баалоо жүргүзүлбөйт.

ПРООНдун "Үч глобалдык экологиялык конвенцияны ишке ашыруу үчүн улуттук потенциал" аттуу изилдөөсү (2005-жыл) системада төмөнкүдөй кемчиликтерди аныктап чыкты: тармактык жана институционалдык байланыш жок; коомчулук жана системанын катышуучулары айлана-чөйрөнү коргоо тууралуу көп жакшы кабардар эмес; эффективдүү дем берүү жана аны түшүнүүнү жакшыртууга болгон мотивация жетишсиз; коррупция; институционалдык монополизм, ресурстар үчүн жашыруун "күрөш"; кадр саясаты чабал.

"Жашыл" практикага өтүүдө жеке бизнестин жана ишкерлердин ролу тууралуу маселе мурдагыдай эле актуалдуу бойдон кала берүүдө. Бирок учурдагы стратегияларда бул роль сүрөттөлгөн эмес. Мындан тышкары стратегияларда социалдык жана экологиялык отчеттуулук жөнүндө сөз да жок (айлана-чөйрөгө тийгизген таасири, продукциянын турмуштук циклин баалоо, кызмат көрсөтүүлөрдүн жана жеткирүүлөрдүн чынжырын баалоо, эң негизгиси – өлчөө системасын, отчеттуулукту баалоо, углеводороддордун чыгындылары боюнча нормативдердин сакталышын текшерүү жок, бул болсо стратегиялык жана программалык документтер аркылуу институционалдык деңгээлде киргизилиши керек)[3]. Башка көйгөйлөрдүн катарында төмөнкүлөр бар:

- мейкиндиктик пландоо жана пландарды сактоо системасындагы кемчиликтер (жог. 2.1-бөлүмдү караңыз);
- комплекстүү маалымат базасы жана геомаалыматтык система (картирлөө) жок;
- курулуштун ордуна жерлерди айыл чарба багытында иштетүү үчүн сактап калуу максатында чакан участоктордун менчик ээлеринде экономикалык стимул жок (бул ошондой эле пландардын сакталышына көзөмөл жүргүзүү көйгөйү);
- жергиликтүү өнүктүрүү программалары жана өнөр жай объекттерин куруу/жайгаштыруу долбоорлору үчүн айлана-чөйрөгө тийгизген таасирин баалоодо муниципалитеттердин жана райондордун потенциалы чабал;
- имараттардын жана курулмалардын (курулуп жаткан да, колдонулуп келаткан да) энергоэффективдүүлүгү жаатында курулуш нормалары жок;
- имараттардын туруктуулугу жана "пассивдүүлүгү" боюнча архитектуралык жана конструктордук чечимдерди өнүктүрүүгө мотивация жок;
- шаардык транспорт системасында углеводороддордун чыгындыларын кыскартуу боюнча стратегия жок.

## Негизги тыянактар

Мейкиндиктик, социалдык-экономикалык жана экологиялык пландоого байланышкан учурдагы кырдаалга жасалган анализден улам жалпы факторлорду жана маселелерди чыгарууга болот. Пландоонун үч чөйрөсүндөгү кемчиликтер жана боштуктар өз ара байланышта, көп учурда жалпы болуп саналат. Бирок мыйзамдарда да, пландоо системасында да сектор аралык ыкмалар каралган эмес. Шаарларды өнүктүрүүнү пландоо азырынча жергиликтүү экономиканын өнүгүүсүнө оң салым кошо элек жана туруктуу өнүктүрүү үчүн зарыл болгон негизги маселелердин чечимин бере албайт. Мындай абал саясий колдоонун жетишсиздигинен улам да жаралды – пландоо жана пландарга мониторинг жүргүзүү үчүн жооптуу органдардын статусу/ыйгарым укуктары, аларды каржылоо жетишсиз. Бирок негизги себеби – бул пландарды иштеп чыгууга сектордук мамиле жасалууда, интеграция, пландарды тармактар арасында жана мамлекеттик башкаруунун түрдүү деңгээлдери ортосунда макулдашуу үчүн жооптуу органдардын потенциалы төмөн.

### Көйгөй боюнча негизги тыянактар (факторлор):

Шаарды өнүктүрүүнүн так саясаты жок. Бул саясат экономикалык жана социалдык өнүгүү боюнча Улуттук пландын (Туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы) бир бөлүгү болуп калмак.

**Калкынын саны 1,2 миллиондон ашкан Бишкектен жыл сайын 1,5 млн. м3 катуу тиричилик калдык чыгат. Бул көлөмдөн 1% жакыны кайра иштелип чыгат. Калган 99% таштандыга кетет. Шаардык таштанды жайлар туура эмес орун алган, таштанды тосулбайт жана жабылбайт, мунун натыйжасында жаныбарлар жана курт-кумурскалар үчүн ачык кала берүүдө. Таштандынын дайыма ачык болушу, өрттөлүшү, бузулушу абаны да булгап жатат. Таштанды агын сууларды жана булактарды булгап жатат.** Булагы: Бишкек шаарында катуу тиричилик калдыктарын башкаруу – Техникалык-экономикалык негиздеме. ЕБРР. Бишкек, 2012-ж.

[1] Кыргыз Республикасы: Жакырчылыкты кыскартуу стратегиясы. ЭВФтин өлкөлүк отчету 14/247
[2] Экологиялык баалоо. Азия өнүктүрүү банкы, 2013-жыл. https://www.adb.org/sites/default/files/linked-documents/cps-kgz-2013-2017-ena.pdf
[3] Изилдөөчү жана Dialecticon Climate Green ЖЧКнын директору Ж.Жээнбаева менен эксперттик маектен алынды (ноябрь, 2016-ж.)

**Кыргызстанда өндүрүлгөн энергиянын 50 пайызга жакынын турак жай имараттары керектейт. Мындан тышкары турак аянттын бирдигине керектөөнүн деңгээли Европа өлкөлөрүнө салыштырмалуу экиүч эсе жогору. Энергияны үнөмдөө боюнча өлкөнүн потенциалы өтө чоң жана башка өлкөлөрдүн тажрыйбасы көрсөткөндөй, энергоэффективдүү имараттар керектелген энергияны 40-50 пайызга чейин сактап калууга жана CO2 чыгындыларын 25-32 пайызга кыскартууга жол берет.** Булагы: Кыргызстанда климаттын өзгөрүүсү (сереп). Н. Абдырасулова, Подрезов О., Подрезов А., 2011-жыл.

Өлкөнүн аймактарын өнүктүрүү (мейкиндиктик өнүктүрүү) концепциясы жок. Ал ТӨУСту толуктап, өнүгүү жаатында ар кандай потенциалы бар шаарлар менен райондордун иерархиясын аныктамак. Ошондой эле инфраструктураны өнүктүрүү боюнча пландар да жок.

Өнүгүүнүн комплекстүү пландар системасын аныктаган (социалдык, экономикалык, мейкиндиктик, шаардык жана экологиялык сунуштарды интеграциялаган) мыйзам жок. Муну менен катар пландарды ишке ашыруу аспаптары жана кызыкдар жактардын катышуусуна, мониторингге жана пландарга сереп жасап, кайра карап чыгууга карата нормативдик талаптар жок. Мыйзам пландардын иерархиясын да – улуттук пландан регионалдык жана жеринде муниципалдык пландарга чейин аныкташы керек болот. Ошондой эле жергиликтүү деңгээлде кырдаал өзгөрсө, жогору турган деңгээлдеги пландарды кайра карап чыгып, өзгөртүүлөрдү киргизүү боюнча эффективдүү усулдар керек.

Саясатты иштеп чыгуу, стандарттарды орнотуу жана саясаттын жүзөгө ашырылуусуна көзөмөл жүргүзүү үчүн жооптуу катары борбордук өкмөттүн ролун тактоо зарыл.

Мейкиндиктик маалыматтардын жалпы платформасы жок, географиялык жактан байланган, жалпы улуттук системада иштелип чыккан санарип пландар жок.

Айлана-чөйрөнү башкаруу, жашыл жана туруктуу келечекти пландоо тууралуу сөз болгондо Кыргызстандын шаарлары өзгөрүүлөрдүн ыктымалдуу кыймылдаткыч факторлору болуп саналат. Ресурстардын (суу, азык-түлүк, энергия ж.б.) керектөөчүлөрү катары да, негизги булгоочулар катары да шаарлар айлана-чөйрөгө олуттуу таасир тийгизе алышат. Мындан улам шаардык пландоо жана башкаруу системасындагы өзгөрүүлөр "жашыл" күн тартибин аныктоого жана анын сакталышын камсыз кылууга олуттуу таасирин тийгизет.

Кыргызстандагы шаарларда айлана-чөйрөнү коргоо жана "жашыл", туруктуу келечекти пландоо жаатында өзгөрүүлөрдүн кыймылдаткыч күчү болуп калуу дарамети өтө чоң. Жаратылыш ресурстарынын (тамак-аш, суу, энергия ж.б.) негизги керектөөчүлөрү катары да, айлана-чөйрөнүн негизги булгоочулары катары да шаарлар абага олуттуу таасир тийгизе алышат. Шаардык пландоо жана башкаруу системасындагы ырааттуу өзгөрүүлөр "жашыл" күн тартибин түзүп, киргизүүгө жардам берет.

Бирок айлана-чөйрөнү коргоону башкаруу боюнча улуттук күн тартиби менен жергиликтүү деңгээлде иш жүзүндө чечим кабыл алуунун ортосунда олуттуу ажырым бар. Учурда муниципалитеттер жана жергиликтүү бийлик органдары реформалар процессинин негизги катышуучулары катары каралган жери жок. Муну өзгөртүш керек.

Мөөнөттөрдү интеграциялоо жана пландоонун үч тармагынын адистери даярдаган пландардын мезгилдүүлүгү да көйгөй. Шаардык план түзүүчүлөр үчүн пландоонун горизонту адатта 5 жылдан 20 жылга болот. Бирок экономикалык жана социалдык өнүктүрүү пландары же программалары адатта бир жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө иштелип чыгат. Мындан тышкары мейкиндиктик планды ишке ашыруу процессинин олуттуу бөлүгү башка министрликтер көзөмөлдөгөн долбоорлордон жана программалардан, ЖӨБдүн бюджетинен көз каранды.

Пландоого карата интеграцияланган мамиле шаар куруучулардан мейкиндиктик чечимдер тууралуу ойлонбоону талап кылат. Ал эми СЭӨПны иштеп чыккандар физикалык жана мейкиндиктик талаптар тууралуу ойлонушу керек. Түрдүү тармактардын керектөөлөрү менен иштөө зарылдыгы башкаруучулар жана план түзүүчүлөр кошумча көндүмдөргө ээ болушу керек дегенди болжойт. Ал эми пландарды дисциплина аралык топтор даярдашы керек.

Аймактарды өнүктүрүүнү интеграцияланган пландоо боюнча формалдуу билимди сунуштаган мекемелер жетишсиз.

"Пландоо" үчүн жооптуу мекемелерде сунушталган мамилени киргизүү жана комплекстүү пландоого көмөктөшүү үчүн зарыл болгон технологияларды колдонуу үчүн потенциал жетишсиз (өзгөчө маалыматтар платформасын түзүү үчүн).

Билим берүү жана саламаттык сактоо тармактарын кошуп, ЖӨБдүн жоопкерчилик чөйрөсүн кеңейтүү зарыл жана бул ЖӨБдүн финансылык механизмдерине киргизилиши керек.

ЖӨБ органдарында мүлккө жана жердин колдонулбаган участокторуна салыктын ставкаларын белгилөө үчүн ыйгарым укуктары болушу керек. Алар зоналоого жана аймактарды өнүктүрүү планына кошулушу керек.

Киреше базасы төмөн болгон ЖӨБ үчүн теңдештирүүчү гранттар системасы, ал ошондой эле облусту өнүктүрүү потенциалын эсепке алат.

Мыйзамдарда жана пландарды ишке ашыруу регламенттеринде пландар кантип даярдалып, ишке ашышы керектиги тууралуу так көрсөтмөлөр болушу абзел.

***Уландысын "Муниципалитет" журналынын кийинки санынан окуй аласыз.***

# Мыйзамдардагы жаңылыктар

**Нуржан МАМЫРАЛИЕВА,** ЭҮЖӨБОЖ Долбоору

## Административдик-аймактык реформа тууралуу

2018-жыл – Аймактарды өнүктүрүү жылы деп жарыяланганына байланыштуу 2018-жылдын 24-сентябрында Кыргыз Республикасынын Президентинин №189 «Кыргыз Республикасында административдик-аймактык реформаны жүргүзүү боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгы чыккан.

Президенттин Жарлыгында мамлекеттик башкаруунун жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун системасын өркүндөтүүгө багытталган чараларды ырааттуу ишке ашырууну талап кылган Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүн реформалоону жүргүзүү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын маанилүү милдети деп эсептелинет. Буга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө 2018-жылдын сентябрынын аягына чейин Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын, Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын кызматкерлерин, тиешелүү мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, жарандык коомдун өкүлдөрүн жана көз карандысыз эксперттерди курамына киргизип, административдик-аймактык реформа боюнча жумушчу топту (мындан ары - жумушчу топ) 2018-жылдын 31-декабрына чейинки мөөнөттө төмөнкү милдеттерди жумушчу топтун алдына коюу менен түзүү сунушталган: региондук саясаттын жана административдик-аймактык реформанын кабыл алынган концепцияларын ишке ашырууга, социалдык-экономикалык райондоштуруунун негизинде административдик-аймактык түзүлүштү реформалоонун сунушталган чараларынын натыйжалуулугуна талдоо жүргүзсүн; Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшүн реформалоону этап-этабы менен жүргүзүүнүн жол картасы иштелип чыксын жана бекитилсин.

## Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн 2018-2023-жылдарга карата программасы жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 31-октябрындагы №513 Токтому менен Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнүн 2018-2023-жылдарга карата Программасы жана Өнүктүрүү программасын ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер Планы бекитилген. Программа жарандардын турмушунун сапатын жакшыртууга багытталган жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасында реформаларды андан ары ишке ашыруу үчүн иштеп чыгарылган. Программада Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2018-жылдын 20-апрелиндеги № 2377-VI токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Биримдик. Ишеним. Жаратмандык» программасында каралган максаттар эске алынган. Программа макулдашылган көз караштарды, максаттарды, артыкчылыктарды, милдеттерди, ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкарууну 2018-2023-жылдары өнүктүрүүгө багытталган негизги чараларды аткаруу боюнча кызыкдар тараптардын ишин координациялоого арналган.

**Программанын максаты:** 2023-жылдын аягына жоопкерчиликтүү жергиликтүү жамааттар жана туруктуу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өз ара, мамлекеттик башкаруу органдары менен тыгыз аракеттенүү менен жарандардын жашоо-турмушунун сапатын жакшыртышат.

Артыкчылыктуу багыттар:

1. Жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышуу деңгээлдерин жогорулатуу.
2. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын камсыз кылынышын, туруктуулугун жана кадыр-баркын чыңдоо.
3. Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү үчүн ресурстарды мобилизациялоо.

## Соттолгондорго социалдык жардам тууралуу

КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 19-ноябрындагы №536 Токтому менен Мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын соттолгондорго социалдык жардам көрсөтүү маселеси боюнча түзөтүү мекемелери менен өз ара аракеттешүү тартиби бекитилген. Ушул Тартиптин максаты бошонууга даярданып жаткан соттолгондордун жана түзөтүү мекемелеринен бошонгон, турмуштагы оор кырдаалга туш болгон адамдардын социалдык маселелерин чечүүдө ведомство аралык өз ара аракеттенүүнүн натыйжалуулугун жогорулатуу болуп саналат. Тартипке ылайык, жумушсуздук боюнча жөлөк пул албаган түзөтүү мекемелеринен бошонгон адамдар үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жумуш берүүчүлөр иш менен камсыз кылуу мамлекеттик кызматтын органдары менен биргеликте «Калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык акы төлөнүүчү коомдук иштерди уюштурушат. M

# Жарандар ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун гранттык программасына көз салууда

**Султан МАЙРАМБЕКОВ,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун Чакан гранттар программасынын адиси, ӨСИ

Швейцариянын Өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги (SDC) каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорун (ЭҮЖӨБОЖ) ишке ашыруунун алкагында 2018-жылы 38 гранттык долбоор ишке ашырылды. Алардын ичинен долбоорлордун 80% жакыны жыйынтыктоо баскычында турат. Гранттык программанын өзгөчөлүгү – каржылоо үчүн долбоорлорду жамааттар өздөрү тандашкан. Бул үчүн ЖӨБ органдары адегенде жарандардын муктаждыктарын изилдеп чыгып, андан соң жарандар менен биргелешип көйгөйлүү маселелерди чечүү боюнча иш-аракеттер планын иштеп чыгышкан. Ошондон кийин демилгелүү топтор инвестициялык долбоорлорду даярдашкан.

Долбоорлорду ишке ашыруу жыйынтыктала баштаган этабында ЭҮЖӨБОЖ Долбоору сурамжылоо жүргүзүп, "жарандар бул иштердин натыйжаларын билеби, алдыга коюлган максаттардын прогрессине, жетишкендиктерине көз салып турушабы?" деген суроолорду узатышты. Сурамжылоого катышкандардын 28% ЖӨБ органдарынын жетекчилери, 39% ЖӨБ органдарынын кызматкерлери, ошондой эле 31% биргелешкен мониторинг жана баалоо топторунун (мындан ары – БМжБ топтору) өкүлдөрү түздү.

Жүргүзүлгөн сурамжылоодо алынган маалыматтарды иштеп чыккандан кийин бир маанилүү тыянак келип чыкты – сурамжылоонун катышуучулары максаттуу муниципалитеттерде жасалып жаткан долбоорлор тууралуу билишет. Сурамжылоого катышкандардын басымдуу бөлүгү долбоорлордун ишке ашырылуусуна жүргүзүлгөн мониторингге катышат. Сурамжылоого катышкандардын 83% аткарылган жана ишке ашырылган долбоорлордун келечектеги туруктуулугу боюнча консультациялар зарыл экенин белгилешти.

Түзүлгөн БМжБ топтору гранттык долбоорду ишке ашыруунун сапатын көзөмөлдөп турууга жардам берет: сурамжылоого катышкандардын 81% ашыгы БМжБ топтору өзүнүн айылдык аймагында жасалган иштерге канааттанат. Бирок 13% БМжБ топтору өз билимин жана потенциалын жогорулатышы керек деген пикирде. Долбоорлордун туруктуулугу жана инвестициялардын мындан аркы тагдыры – эртеңки күндүн маселеси. Инфраструктура иштеши керек. Ошондуктан респонденттердин 73% ашыгы долбоорлорду колдоо үчүн каржылоонун негизги булагы жергиликтүү бюджет болоорун белгилешти. 15% ашыгы донордук каражаттарды тарта алабыз деп ишенсе, катышуучулардын 8% жакыны мындан аркы каржылоо жергиликтүү жамааттын салымынын эсебинен жүзөгө ашырылышы керек деп эсептейт.

Гранттык программанын башка бир өзгөчөлүгү – ал жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн инвестицияларды башкаруунун башкалардан айырмалуу машыктыргычына айланды. Финансы каражаттары көпчүлүк гранттык программаларда болуп келгендей подрядчыга же жеткирүүчүгө түз жиберилбестен, жергиликтүү бюджеттерге түшөт. Ушундан улам ЖӨБ органдары долбоорлорду ишке ашыруу боюнча бардык операцияларды мамлекеттик сатып алуулардын жол-жоболоруна ылайык жергиликтүү бюджеттер аркылуу жүзөгө ашырышы керек. Ошондуктан сурамжылоонун катышуучуларын мамлекеттик сатып алуулар маселеси тынчсыздандырары таң калычтуу эмес. Алар мамсатып алуулар Порталы менен иштөөдөгү кыйынчылыктар, ошондой эле көйгөйлөр бар экенин белгилешет. "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" КР Мыйзамынын катаал талаптарын респонденттердин 60% ашыгы белгилешти. 16% АӨ адисинде сатып алуулар боюнча билим жана тажрыйба жетишсиз болгонун айтса, 16% мамсатып алуулар Порталы менен иштөө үчүн Интернетке жеткиликтүүлүк көйгөйлүү маселе экенин белгилейт. Бирок ЖӨБ органдары сатып алуулардагы кыйынчылыктарды жеңип келүүдө. Себеби ЭҮЖӨБОЖ Долбоору бардык максаттуу муниципалитеттерге өз адистерин КР Финансы министрлигине караштуу Окуу борборунда мамсатып алууларды окутуу үчүн жиберүүгө мүмкүнчүлүк берди. Ошондуктан процесс өз нугунда жүрүүдө, ал эми долбоорлор ишке ашырылып жатат.

Подрядчы уюмдардын иш сапаты сурамжылоого катышкандардын 55% канааттандырса, 32% жарым-жартылай канааттанат, ал эми 2% гана канааттанбайт.



# Кочкор аймагындагы бала бакчада кошумча тайпа ачылды

**Айнура ТУРСУНОВА,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун Чакан гранттар программасынын ассистенти, ӨСИ

«Наристе-И» бала бакчасынын таржымалы СССР кулаганга чейин эле башталган. Бала бакчанын берилген жетекчиси жана идеялык дем берүүчүсү ТОКТОРБАЕВА Ишенбүбү көптөн бери бапестеп келаткан кыялын орундатуу чечими бул окуяга башат болду. Токторбаеванын кыялы көпчүлүк элеттиктердин кыялына үндөш болуп чыкты. Ошол кезде элет жергесинде бала бакчаны ачуу ишке ашпай тургандай болчу. Ыктымал тоскоолдуктарга жана кыйынчылыктарга карабастан Ишенбүбү Нарын облусунун Кочкор районундагы Кочкор айылдык аймагынын Большевик айылында мектепке чейинки билим берүү мекемесин ачууга бел байлады. Айылда мектепке чейинки билим берүүнү өнүктүрүү идеясын дагы төрт аял колдоого алышты. Алардын биргелешкен аракети менен 1970-жылы курулган имарат бала бакча үчүн өткөрүлүп берилди. Элеттиктердин колдоосу менен имаратта жеңил ремонт жасалып, алгачкы 25 бала кабыл алынды. Башында иш жолго салынып калгандай болгон эле. Бирок СССР урагандан кийин өлкөдө орун алган өзгөрүүлөр бала бакчаны да кыйгап өткөн жок. Бала бакча 1995-жылы каражаттын жоктугунан улам жабылып, 2007-жылга чейин ачылган эмес. Бирок Ишенбүбү ТОКТОРБАЕВА үмүтүн үзгөн эмес жана баштаган ишин улантуу максатында имаратты сактап калууга жан үрөп келди. Арадан өтө көп убакыт өткөнүнө карабастан, Ишенбүбү жергиликтүү жамаатка бала бакчанын ишин жандандырууну сунуштады. Ошентип, айылдык аймактын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мекеменин ишин кайра баштоо тууралуу жашоочулардын демилгесин колдоого алды.

Бул айылда 450 үй-бүлө жашайт. 2128 адамдын 1128и – аялдар. Бүгүнкү күндө бала бакчада эки тайпа бар жана мында 62 бала тарбияланат. Жыл сайын бала бакчага кирүүгө 50дөн ашуун бала кезекте турат. Көпчүлүк ата-энелер балдарын чоң ата-чоң эненин колуна таштап, чет өлкөлөргө иш издеп кетүүгө мажбур. Бул көрүнүш, албетте, калктын бала бакчаны кеңейтүүгө мук-



таждыгын күчөттү. Кары адамдар балдарды эртели-кеч көзөмөлдөп жүрө алышпайт, алардын толук кандуу өнүгүүсү үчүн витаминдүү тамак менен камсыздай алышпайт. Балдар үйдө жүрүп жаракат алган учурлар болбой койбойт. Айталы, Майрамбек уулу Умардын апасы менен чоң энеси аны бакчага орноштура алышкан эмес, себеби кезеги жетпей койгон эле. Көп өтпөй Умардын энеси баланы кемпирдин колуна таштап, чет өлкөгө иш издеп кетүүгө мажбур болгон. Умар өз курагындагы башка балдардай эле абдан кыймылдуу болуп, колго токточу эмес. Ошондуктан чоң энеси бир топ эле кыйналды. Умар үч жолу колун чыгарып алып, натыйжада дарыгерлер сөөгү өсүп кетсин деп колуна металлдан конструкцияны коюп беришти. Мындай кырсыктар көбөйгөндүктөн айыл тургундары 30 балага жаңы тайпа ачуу үчүн кошумча бөлмөнү маселесин көтөрүп чыгышты.

2017-жылдын жаз мезгилинде Кочкор айылдык аймагынын ЖӨБ органдары швейцариялык долбоорду ишке ашырууга катышуу үчүн конкурска өтүнмө берген. Конкурстун жыйынтыгы боюнча Кочкор айыл өкмөтү максаттуу муниципалитет болбосо да, Чакан гранттар программасынын жеңүүчүсү деп табылды. 2018-жылдын 16-январында Көк-Жар айылдык аймагынын ЖӨБ органдары ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун Чакан гранттар программасы-2018 конкурсуна катышуу үчүн артыкчылыктуу долбоорду тандап алуу боюнча айылдык чогулуш өткөрүшкөн. Ишенбүбү ТОКТОРБАЕВАнын өжөрдүгү жана максатка умтулгандыгы «Наристе-И» бала бакчасынын ишин илгерилетүүгө жардам берди. Бала бакчадан тышкары чакан футбол аянтчасынын курулушу жана таштанды чыгаруу маселелери да каралган болчу. Мектепке чейинки билим берүү көйгөйү ЖМБАнын жыйынтыгы боюнча аймактын Биргелешкен аракеттер планында да артыкчылыктуу маселелердин бири катары чагылдырылган.




Демилгелүү топтун лидери жана андан кийин долбоордун жетекчиси болуп Жумагүл КУРМАНБАЕВА тандалды. Ал райондогу эң жигердүү аялдардын бири, Кочкор районунун ден соолук комитетинин төрайымы. Жумагүл КУРМАНБАЕВА буга чейин ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун алкагында өткөрүлгөн бир катар тренингдерге максаттуу муниципалитеттин – Кочкор айылдык аймагынын өкүлү катары катышканын белгилей кетүү зарыл. Бул тренингдер ага ушул долбоорду ишке ашыруу процессинде алган билимин колдонууга мүмкүнчүлүк берди. Жумагүл – элеттиктер ЭҮЖӨБОЖ долбоору максаттуу муниципалитеттер үчүн өткөргөн тренингдерде алган билимин иш жүзүндө колдонууга аракет жасап жатканынын далили.

Кошумча тайпаны ачууну максат кылган бала бакчанын башчысы Токторбаева Ишенбүбүнүн жолунда бир топ тоскоолдуктар жана кыйынчылыктар болду. Бирок «Бала бакчада кошумча тайпаны ачуу» деп аталган долбоор Курманбаева Жумагүл башында турган демилгелүү топтун колдоосу менен ишке ашты. Демилгелүү топтун жана биргелешкен мониторинг боюнча топтун курамына айылдык кеңештин депутаттары, айыл өкмөтүнүн кызматкерлери жана бала бакчанын тарбиячылары киришти.

Бала бакча иштей баштагандан тарта балдардын ата-энелери туруктуу негизде өтө чоң колдоо көрсөтүп келатышат. Андан кийинки жылдары мектепти 20 жыл мурда бүтүргөндөр имараттын тегерек четин тосмолоп чыгууга жардам беришти. Ошол кездеги губернатор бала бакчага керебеттерди, шкафтарды, отургучтарды, столдорду сатып алууга көмөк көрсөткөн. Андан соң бала бакчанын жамааты “МерсиКо” эл аралык уюмунан 200 000 сомго грант утуп алып, зарыл болгон жабдууларды сатып алган. Жакында эле Нарын облусу боюнча 10 жеңүүчүнүн ичинен Кочкор районундагы төрт бала бакча Жапон өкмөтүнөн грант алды. Алардын арасында “Наристе-И” бала бакчасы да бар. Муну менен катар ЭҮЖӨБОЖ долбоору каржылап берген кошумча тайпа үчүн жабдуулар маселелеси да чечилип жатты. Бул тарбиячылар үчүн да, балдардын ата-энелери үчүн да кубанычтуу кабар болду

2018-жылдын 21-ноябрында кошумча тайпа-

нын салтанаттуу ачылышы болот. Учурда бардык курулуш-ремонт иштери бүтүп, кызматкерлердин штаты эки жумушчу орунга көбөйдү – дагы бир тарбиячы жана анын жардамчысы ишке алынды.

Долбоордун жалпы баасы 1 100 000 сомду түздү, анын ичинен 1 млн. сомду Чакан гранттар программасы берсе, 100 000 сом жергиликтүү бюджеттен бөлүндү. Гранттык долбоорду ишке ашыруу процессинде жумуштарды сатып алуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык жүзөгө ашырылды. Айыл өкмөтүнүн кызматкери мамлекеттик сатып алууларды жүзөгө ашыруу боюнча Долбоор уюштурган тренингге катышты. Кочкор айыл өкмөтү өткөргөн конкурстун жыйынтыгы боюнча “КочкорСтройСервис” компаниясы жеңүүчү деп табылды. Гранттык долбоордун алкагында төмөнкүдөй иштер жасалды: жер иштери, жертөлөө, кирпичтен дубал тургузулду, чатры жабылды, электрмонтаж иштери жүргүзүлдү, имараттын ичи жасалгаланды, сантехника жана терезелер-каалгалар орнотулду.

Ошентип, жарандардын үнү жетип, жергиликтүү жамааттын демилгесин ЖӨБ органдары колдоого алды. Натыйжада кошумча тайпаны кошкондо, кийинки жылы бала бакчадагы тамактанууга жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөргө кеткен чыгашаны жергиликтүү бюджетке киргизүү маселеси да чечилди.




# Чаек аймагынын ЖӨБ органдары жарандардын пикирин бюджетте эсепке алып, кызмат көрсөтүүнү жакшыртып, жылына 250 миң сом үнөмдөй алышты

**Айнура ТУРСУНОВА,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун Чакан гранттар программасынын ассистенти, ӨСИ

Чаек аймагынын ЖӨБ органдары жарандардын пикирин бюджетте эсепке алып, кызмат көрсөтүүнү жакшыртып, жылына 250 миң сом үнөмдөй алышты Нарын облусунун Жумгал районунун Чаек айылдык аймагынын жашоочулары таштанды чыгаруу үчүн муниципалитетке экска-





ватор зарыл деп чечишти. Мунун натыйжасында аймактын жергиликтүү бюджети жылына 250 миң сом үнөмдөйт. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бюджеттик чыгашаларын бөлүштүрүүгө жарандардын да катышуусу мына ушундай чечимди кабыл алууга түрткү болду.

Атайын техниканы сатып алуу зарылчылыгы тууралуу маселени айыл тургундары ЖӨБ органдарынын алдына 2018-жылдын 26-январында койгон. Бул күнү артыкчылыктуу долбоорлорду тандап алуу боюнча айылдык чогулуш өткөн. Бирок бул жалгыз көйгөй эмес болчу. Жамааттын муктаждыктарын биргелешип аныктоо жылытуучу системаны оңдоо, бала бакчаны ачуу, таштанды полигонун тосмолоо, спорттук шаймандарды сатып алуу өңдүү көйгөйлөр да элеттиктерди тынчсыздандыра турганын көрсөттү. Бирок элдин басымдуу бөлүгү атайын техниканы сатып алууга добуш берди: «Чаек айылдык аймагынын курамына үч айыл кирет (Чаек, Ак-Татыр жана Беш-Терек). Бул айылдардын аймагында мектептер, бала бакчалар, медициналык, муниципалдык жана мамлекеттик мекемелер бар. Имараттарды жылытуу үчүн электр менен кошо көмүр да колдонулат. Апта сайын жагылган көмүрдүн күлү 40 тонна болот. Атайын техниканын жоктугунан таштанды ижарага алынган машинеге жүктөлүп, полигонго кол менен түшүрүлчү, бул болсо өтө көп убакытты талап кылат. Жыл сайын бул максатта жергиликтүү бюджеттен 200-250 миң сом сарпталчу, бирок айыл өкмөтүндө бул акча дайыма эле боло бербейт экен. Эгерде күлдү өз убагында чыгарып турбаса, аймак таштандыга толуп калмак. Ошондуктан адамдар ушул долбоор үчүн добуш беришти", - деп кырдаалды сүрөттөп берди Чаек айыл өкмөтүнүн башчысынын милдетин аткаруучу Айгүл ТОКТОНАЛИЕВА.

Чаек айылдык аймагы өз долбоорун ЭҮЖӨБОЖ долбоорунун[1] Чакан гранттар программасына жиберип, атайын техниканы сатып алууну кошо каржылоо үчүн 1 миллион сом өлчөмүндө грант утуп алган. Аны менен катар аймактын жергиликтүү бюджетинин өз салымы бир жарым эсе көп болду – бир жарым миллион сомдон ашты (1 589 000 сом). Ошентип, экскаватор жергиликтүү өз алдынча башкаруунун чыгымын алты жылда актайт деп пландалууда. Бирок Чаек айыл өкмөтүнүн башчысынын милдетин аткаруучу Айгүл ТОКТОНАЛИЕВАнын баамында, иш жүзүндө андан да аз убакыт кетет: "Мындан ары сатып алынган атайын техниканын жардамы менен биз таштанды көйгөйүн гана эмес, ошондой эле арыктарды тазалоо, суу менен жабдуу системасын оңдоо өңдүү маселелерди чечебиз. Бул жарандар үчүн кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын бир кыйла жакшыртат. Ооба, биз чыгым болдук, бирок ошол эле маалда машиненин ижарасына кеткен жылдык чыгымдан кутулуп, ошол акчаны башка долбоорлорго тезирээк чогулта алабыз. Ал эми ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун кошо каржылоосу – бул биздин муниципалитетке Швейцария элинен берилген мыкты белек болду". КРнын сатып алуулар жөнүндө мыйзамынын талаптарына ылайык, атайын техниканы сатып алуу жергиликтүү бюджет аркылуу жүргүзүлдү. Бул үчүн айыл өкмөтүнүн кызматкери тиешелүү тренингден өттү. Конкурста «Автомаш-Радиатор» ЖЧКсы жеңүүчү деп табылды. Бул компания экскаватор-жүктөгүчтү Бишкектен Нарын облусунун Жумгал районундагы Чаек муниципалитетине жеткирип берет.

"Беларус-892,2" тракторунун базасында жасалган "Амкодор-702ЕА" үлгүсүндөгү экскаватор-жүктөгүчтү муниципалитеттин өкүлдөрү 2018-жылдын 28-ноябрында Бишкек шаарында расмий түрдө алышты. Тапшыруу аземине Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин директорунун орун басары Мурат БАЙДЫЛДАЕВ, Чаек айылдык аймагынын ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү жана журналисттер катышты.

[1] "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" (ЭҮЖӨБОЖ) Долбоорун Швейцариянын Өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги (SDC) аркылуу Швейцария Өкмөтү каржылайт жана Өнүктүрүү саясат институту аткарат.

**USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” Долбоору тарабынан даярдалды**[1]

[1] Бул макала Америка Кошмо Штаттарынын эл аралык өнүктүрүү агентствосу (USAID) аркылуу Америка элинин жардамы менен ишке ашырылды. Макаланын мазмуну үчүн DAI Global LLC жооптуу жана ал USAID же Америка Кошмо Штаттарынын өкмөтүнүн көз карашын сөзсүз түрдө чагылдыруусу шарт эмес.

# Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарынын типтүү ЭТИКАЛЫК КОДЕКСИ жөнүндө

Жергиликтүү кеңештердин депутаттары жогорку кесипкөйлүктүн жана жеке сапаттардын үлгүсү болууга тийиш. Бирок Кыргыз Республикасында жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын жүрүм-туруму ишкер этиканын ченемдерине шайкеш келбей калган учурлар аз эмес. Депутаттар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчыларын шайлоону үзгүлтүккө учураткан окуялар болгон. Мисалы, 2016-жылдын декабрынан 2017-жылдын март айына чейин өлкөнүн төрт шаарында жана 13 айылдык аймагында мэрди жана айыл өкмөт башчысын шайлоо боюнча кеңештердин сессиялары эки жолу өтпөй калган. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2017-жылдын 13-апрелиндеги №74 жарлыгы менен 19 жергиликтүү кеңеш таркатылган. “Жарандык Платформа” коомдук фондунун соңку социологиялык изилдөөсүнүн маалыматтары көрсөткөндөй, сурамжылоого катышкан жарандардын ичинен 38,4% гана жергиликтүү кеңештердин депутаттарына ишенишет.

Парламенттик этиканын колдонуудагы регулятивдүү механизмдеринин чабал өнүгүүсү мына ушундай кырдаалды жаратты. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2008-жылдын 20-июнундагы N 548-IV токтому менен бекитилген “Депутаттык этиканын кодекси” Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары үчүн гана иштелип чыккан. Жергиликтүү кеңештердин депутаттары үчүн бул өңдүү документ жок. Көпчүлүк өлкөлөрдө аймактык депутаттардын этикалык жүрүм-турум кодекстери иштелип чыгып, кабыл алынган. Мисалы, Орусияда Ленинград облусунун Кингисепск шаардык конушунун муниципалдык түзүлүшүнүн депутаттарынын Кеңешинин “Депутаттык этика жөнүндө жобосу” же Усть-Куломской муниципалдык районунда “Депутаттык этика кодекси” өңдүү документтер бар. Ушул практика ийгиликтүү болгондуктан, КР ЖӨБ Союзу USAIDдин “Ийгиликтүү аймак” долбоорунун колдоосу алдында Кыргыз Республикасындагы жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын Типтүү Этикалык кодексин иштеп чыкты.

Кодексти даярдоо иши Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук базасы жана башка өлкөлөрдүн тажрыйбасы менен таанышуудан башталды. Изилдөө көрсөткөндөй, КР менен башка өлкөлөрдүн жергиликтүү кеңештеринин депутаттары үчүн регулятордук жана маалыматтык материалдардын практикасында өтө чоң айырма бар. ЖӨБ Союзу Жалал-Абад, Ош, Ысык-Көл жана Нарын облустарынын айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин жана жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын катышуусу менен фокус-топторду өткөрдү. Фокус-топтордогу изилдөөлөрдүн жана дискуссияладын жыйынтыктарына таянуу менен, ЖӨБ Союзунун өкүлдөрү Этика кодексинин долбоорун иштеп чыгышты. ЖӨБ Союзу документтин долбоору менен тегерек столдо тааныштырды. Ага КР Өкмөтүнүн өкүлдөрү, КР ЖӨБ Союзунун мүчөлөрү, бейөкмөт уюмдар жана эксперттик жамаат катышты. Тегерек столдун катышуучулары документти карап чыгышып, Типтүү кодекстин мазмунун бекитишти. 2018-жылдын 24-июлунда Этика кодексинин долбооруна укуктук экспертиза жүргүзүлгөндөн кийин ЖӨБЭММА жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын Типтүү Этикалык кодексин бекитүү жөнүндө 01-18/89 буйрук чыгарып, өлкөдөгү бардык жергиликтүү кеңештердин колдонуусуна сунуштады.

2018-жылдын 20-июлунда ЖӨБ Союзунун өкүлдөрү Жалал-Абад облусунун Сузак районундагы Ырыс айылдык аймагынын жергиликтүү кеңешинин депутаттарын депутаттын этикасынын негиздерине окутушту. Андан соң Ырыс айылдык кеңеши типтүү документтин базасында өзүнүн Этикалык кодексин иштеп чыгып, айылдык кеңештин депутаттарынын кезексиз сессиясында кабыл алышты.

Төмөндө Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттары үчүн Типтүү Этикалык кодексинин текстин сунуштайбыз.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ
ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ
ИШТЕРИ ЖАНА ЭТНОСТОР АРАЛЫК
МАМИЛЕЛЕР БОЮНЧА
МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИГИ

ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО
ПО ДЕЛАМ МЕСТНОГО
САМОУПРАВЛЕНИЯ
И МЕЖЭТНИЧЕСКИХ ОТНОШЕНИЙ
ПРИ ПРАВИТЕЛЬСТВЕ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# БУЙРУК

**2018-ж. 24-ИЮЛЬ N 01-18/89 Бишкек шаары**

## Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин Типтүү этикалык кодексин бекитүү жөнүндө

Жергиликтүү кеңештин депутаты наамынын коомдогу социалдык маанисин, абройун жогорулатуу, депутаттардын жергиликтүү кеңештердеги ишмердиктериндеги, шайлоочулар менен өз ара мамилелериндеги, мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, юридикалык жана физикалык тараптар менен өз ара мамилелериндеги жана эл алдында чыгып сүйлөөдөгү этикалык эрежелерин аныктоо максатында, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2013-жылдын 8-майындагы № 258-токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиги жөнүндө Жобонун 6-пунктунун «б» пунктчасынын 2-абзацына ылайык, буйрук кылам:

1. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин Типтүү этикалык кодекси (мындан ары - Типтүү кодекс) тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Жергиликтүү кеңештерге ушул Типтүү кодекстин негизинде 2018-жылдын 1-октябрына чейин тиешелүү жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын Этикалык кодексин иштеп чыгуу жана бекитүү сунуш кылынсын.
3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттарынан, райондордун жергиликтүү мамлекеттик администрацияларынан, мэриялар жана айыл өкмөттөрүнөн ушул Типтүү кодексти өздөрүнүн сайттарына жайгаштыруу, тиешелүү жергиликтүү кеңештерге ушул Типтүү кодекстин негизинде депутаттардын Этикалык кодексин иштеп чыгууга жана бекитүүгө көмөк көрсөтүү жагы суралсын.
4. Уюштуруу иштери, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын усулдук жана маалыматтык жактан колдоо башкармалыгы, административдик жана кадр иштери бөлүмү Типтүү кодексти жетиштүү санда көбөйтүп, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттарына, райондордун жергиликтүү мамлекеттик администрацияларына жана жергиликтүү кеңештерге жеткирүүнү камсыз кылышсын.
5. Агенттиктин облустардагы өкүлдөрү ушул буйруктун 2-3-пункттарын аткаруу боюнча уюштуруучулук жана практикалык иштерди жүргүзүшсүн жана 2018-жылдын 10-октябрына Агенттикке тиешелүү маалымат беришсин.
6. Пресс-катчы Ыманкалиев З.Ы. Типтүү кодексти Агенттиктин сайтына жайгаштырсын, аны Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн, райондордун жергиликтүү мамлекеттик администрацияларынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын сайттарына жайгаштыруу жана башка массалык маалымат каражаттарына жарыялоо (жайгаштыруу) боюнча иш жүргүзсүн.
7. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жагы директордун орун басары М.К.Байдылдаевге жүктөлсүн.

**Директор Б. У. САЛИЕВ**

# Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарынын ТИПТҮҮ ЭТИКАЛЫК КОДЕКСИ




***Бул Кодекс жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын сөзсүз түрдө аткарылуучу моралдык принциптерин жана жүрүм-турум эрежелерин аныктайт.***

***Депутаттык этика – бул депутаттардын депутаттык ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруу учурундагы негизги моралдык жана адептүүлүктүн жана жүрүм-турум нормаларынын жыйындысы. Ар бир депутат өзүнүн депутаттык ыйгарым укуктарын аткарууда үлгү болууга умтулуп, кемтиксиз кесиптик жана жарандык беделине ээ болуу керек.***

## I. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

**1.1.** Жергиликтүү кеңештердин депутаттары (мындан ары - депутаттар) тийиштүү айыл аймактын (мындан ары – аймак) калкынын өкүлдөрү катары өзүнүн ишмердүүлүгүндө аймактын калкынын кызыкчылыктары, анын социалдык-экономикалык жана маданий өнүгүү максаттары менен

**1.2.** Депутаттар өз макамын аймактын жана анын жашоочуларынын кызыкчылыктарына туура келтирбеген аракеттерге жумшабоосу керек.

**1.3.** Депутаттар өз аракеттерин Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун Уставына, жергиликтүү кеңештин регламентине жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ченемдик укуктук актыларынын негизинде жүргүзүшөт.

**1.4.** Депутаттар өздөрүнүн ишмердүүлүгүндө, анын ичинде депутаттык ыйгарым укуктарын аткарбаган учурларда дагы, жалпыга таанылган моралдык жана адептүүлүк нормаларды жетекчиликке алуусу керек.

**1.5.** Депутаттар депутаттын жана аймактын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын аброюна шек келтирүүчү аракеттерден жана жоруктардан алыс болуш керек.

**1.6.** Депутаттар бирдей эле убакта өзүнүн кадырын сактоо менен башка депутаттардын, кызматтык адамдардын жана жарандардын кадырын сыйлашы керек.

**1.7.** Депутаттар өзүнүн депутаттык мандатын депутаттык ишмердүүлүккө тийешеси жок максаттарга пайдалана албайт.



## II. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫНЫН ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН ТИЙИШТҮҮ ДЕПУТАТТЫК ЭТИКАНЫН ЭРЕЖЕЛЕРИ

**2.1.** Депутаттар жергиликтүү кеңештин ишине өзүнүн позициясын коркутуу-үркүтүү, кескин талаптарды коюу жана башка ушул сыяктуу аракеттерди жасабай иштиктүү жана жөндүү катышууга тийиш.

**2.2.** Ар бир депутат жергиликтүү кеңеште иштиктүү кызматташтык жана өз ара колдоо, ак ниеттүү жана жолдоштук чөйрөнү түзгөнгө жардам кылат.

**2.3.** Депутаттар өзүнүн жумушун каралып жаткан маселелер боюнча теңчилик негизинде жана эркин жамааттык талкуулоо принцибинде чечим

кабыл алуу, ар түрдүү пикирлерди сыйлоо менен, чыр-чатакка жеткирбей, пикир келишпестиктерди талкуулоо жолу чечүүнү издөө керек.

**2.4.** Депутаттар бири-бирине жана жыйындар өтүүчү залдагы бардык катышуучуларга расмий түрдө кайрыла алат. Ыгы жок теңтушсунуп жана тоготпогондук кайрылууларга жол берилбейт. Сессиянын жана комитеттердин отуруму өтүп жаткан учурларда депутаттар иштиктүү стилде кийинүүсү керек.

**2.5.** Депутаттар чыгып сүйлөөр алдында өзүнүн айта турган сөздөрүн даярдап анан сүйлөш керек. Талкууланып жаткан маселе боюнча так жана багыттуу, жеткиликтүү тил менен, ар кандай мааниси жок сөздөрдү колдонбой сүйлөш керек. Депутаттарга жергиликтүү кеңештин жана комиссиялардын иши учурунда уюлдук телефондорду пайдаланбоо сунуш кылынат.

**2.6.** Депутаттар, калктын кызыкчылыктарын коргоодо башка депутаттардын ынанымына, салттарына, этникалык жана социалдык топтордун, диний конфессиялардын маданий өзгөчөлүктөрүнө сый жана чыдамдуулук менен мамиле кылуусу керек. Этностор аралык жана конфессия аралык биримдиктин сакталуусуна жана тынчтыкка салым кошот.

**2.7.** Депутаттар жергиликтүү кеңештин комиссияларынын бардык отурумдарына катышууга тийиш. Депутат жергиликтүү кеңештин отурумдарына жүйөөсүз катары менен 3 жолу катышпаса депутаттык милдетин аткарбагандыгы тууралуу маселе депутаттык этика боюнча комиссияда каралат.

Жүйөлүү себептер менен жыйындарга катышууга мүмкүнчүлүгү болбосо, депутат жыйынга чейин 2 күндөн кечиктирбей жергиликтүү кеңештин төрагасына маалымдап коюусу керек.

Жүйөлүү себептерге - депутаттын ооруп калуусу, командировкада жана эмгек өргүүсүндө болуусу, үй-бүлөлүк жагдайлар кирет.

**2.8.** Жергиликтүү кеңештин сессиясында каралып жаткан маселеде катышып жаткан депутаттын финансылык же кандайдыр бир жеке кызыкчылыктары болсо, токтоосуз түрдө бул жөнүндө маалымдап, бул маселе боюнча добуш берүүдөн баш тартыш керек.

**2.9.** Депутаттар өздөрү кабыл алган жергиликтүү кеңештин Регламентине, анын талаптарын жана тартипти сактоого чакырган сессияда төрагалык кылган депутаттын талаптарына баш ийиши керек. Жүйөөлүү себепсиз сессияга, комиссиялардын ишине, депутаттык угууларга жана башка жергиликтүү кеңештин иш-чараларына катышпай коюуга болбойт.

2.9.1. Жергиликтүү кеңештин депутаттарына – отурумду үзгүлтүккө учуратып же жөнү жок себептер менен башка шылтоо айтып наразылык көрсөтүү иретинде отурум өтүп жаткан залдан чыгып кетүүгө, сөз берилбесе деле сүйлөөгө, күн тартибине коюлган маселеден сырткары же мааниси жок сүйлөгөнгө, кыйкырууга жана сүйлөп жаткан адамдын сөзүн бөлүп жарууга болбойт.

2.9.2 Депутат жергиликтүү кеңештин отурумунда, депутаттык угууларда, туруктуу комиссиянын жана жумушчу топтордун ишине катышып жатканда отурумга төрагалык кылуучуга, башка депутаттарга, аткаруу органынын аппаратынын кызматкерлерине жана жергиликтүү кеңештин отурумуна катышып жаткан башка адамдарга сылык мамиле кылуу менен адептүүгүн көрсөтүп, сый урмат менен мамиле кылуусу керек.

2.9.3. Депутат өзүнүн сөзүндө орой сөздөрдү колдонуп жана одоно мамилелерди жасабашы керек.

2.9.4. Депутаттар депутаттык ишмердүүлүгүн аткаруу учурунда жана аткарбай жүргөн убагында үчүнчү тараптан белектерди, акча түрүндө акы төлөөлөрдү албашы керек жана алардын кызматынан пайдаланууга болбойт.

2.9.5. Депутаттар жергиликтүү кеңеште сыйакы алып кимдир бирөөнүн кызыкчылыгын сүрөмөлөөгө укуксуз.



## III. ДЕПУТАТТАРДЫН ШАЙЛООЧУЛАР МЕНЕН ӨЗ АРА МАМИЛЕЛЕРИНДЕГИ ДЕПУТАТТЫК ЭТИКАЛЫК ЭРЕЖЕЛЕРИ

**3.1.** Депутаттар өздөрүнүн округундагы шайлоочулар менен тыгыз байланышта болуусу керек, депутаттар шайлоочуларынын алдында жоопкер жана отчет берип турат. Депутаттар айыл аймагындагы бардык жашоочулардын кызыкчылыгын көздөйт.

**3.2.** Депутаттар менен шайлоочулардын ортосундагы мамиле урмат сый, сылык мамиле жана жарандардын кайрылууларына жана арызданууларына ыкыластуулук менен жасалган мамиледен куралат.

**3.3.** Депутаттар өздөрүнүн шайлоочуларынын укуктарын, эркиндигин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоого чараларды көрөт: шайлоочулардан түшкөн кайрылууларды жана арыздарды кароодо өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде чечүүгө милдеттүү.

**3.4.** Депутаттар шайлоочуларынын алдында жылына 1 жолудан кем эмес отчет берет, өзүнүн жергиликтүү кеңештин сессиясынын отурумундагы ишмердүүлүгү боюнча шайлоочулары менен болгон жолугушууларында жана массалык маалымат каражаттары аркылуу билдирип турат. Шайлоочуларга берилген маалыматтар толук, анык жана обьективдүү болушу керек.

**3.5.** Депутаттар ай сайын белгиленген график боюнча шайлоочуларды жеке кабыл алууну жүргүзөт.

**3.6.** Депутаттар дайыма чыдамкайлуулукту жана сыпайы сылыктыкты көрсөтүүсү керек, айрыкча депутаттын ой пикири менен шайлоочунун ой пикири дал келбей калган учурда.



## IV. ДЕПУТАТТЫН МАМЛЕКЕТТИК ОРГАНДАР, ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫ, ЮРИДИКАЛЫК ЖАНА ФИЗИКАЛЫК ТАРАПТАР МЕНЕН ӨЗ АРА МАМИЛЕЛЕРИНДЕГИ ДЕПУТАТТЫК ЭТИКАНЫН ЭРЕЖЕЛЕРИ

**4.1.** Депутаттар атайын ыйгарым укуктарына ээ болбогон учурда жергиликтүү кеңештин атынан чыгуусуна, анын атынан мамлекеттик аткаруу органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана башка уюмдардын алдында расмий билдирүүлөрдү жасоого укугу жок.

**4.2.** Депутаттар депутаттын макамына байланыштуу мүмкүнчүлүктөрүн мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдар, юридикалык жана физикалык тараптар менен болгон мамилелеринде өз кызыкчылыгына пайдаланбашы керек.

**4.3.** Депутаттар жергиликтүү кеңештин расмий бланкаларын депутаттын ыйгарым укуктарынын чегинде талаптарды чечүү керектигинде расмий каттарды жана документтерди жөнөтүүдө гана пайдаланууга милдеттүү.

**4.4.** Депутаттар депутаттык ишмердүүлүгүн аткарууга байланышпаган учурда жергиликтүү кеңештин имаратын, телефондорун, автотранспортун жана башка материалдык-техникалык каражаттарын пайдаланууга болбойт.

**4.5.** Депутаттардын ыйгарым укуктарын аткаруу учурунда белгилүү болуп калган маалыматтарды жайылтууга болбойт, эгерде ал маалыматтар:

- мамлекеттик, коммерциялык же кызматтык сыр болсо;
- жарандардын жеке турмушу менен, юридикалык тараптардын ишкердик бедели жана ишмердүүлүгү менен байланыштуу болуп, аны жарыя кылбоо боюнча депутатка ишеним берилген болсо.

**4.6.** Депутат жарандардын жеке турмушу же үй-бүлөгө байланышкан маалыматтарды, юридикалык тараптардын ишкердик бедели жана ишмердүүлүгү боюнча аны жарыялабоо боюнча талаптарды атайылап же олдоксондуктан бузган болсо тараптардан кечирим суроосу керек.

**4.7.** Депутаттардын чет өлкөлүк мамлекеттерге баруусундагы жүрүм-туруму Кыргыз Республикасынын жаранынын беделин жана депутаттык корпустун кадыр баркын көтөрүүгө багытталыш керек.

**4.8.** Депутаттар чет өлкөлөрдөгү барууларында барган мамлекеттердин өзгөчөлүктөрүн, салтсанаасын жана мыйзамдарын сыйлоосу керек, этиканы сактап, конфликтик кырдаалды болтурбоого милдеттүү.



## V. ДЕПУТАТТАРДЫН ЭЛ АЛДЫНДА ЧЫГЫП СҮЙЛӨӨ ЭТИКАСЫ

**5.1.** Депутаттар жергиликтүү кеңештин отурумунда, депутаттык угууларда, массалык маалымат каражаттарындагы чыгып сүйлөөлөрүндө, мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, уюмдардын жана жарандардын ишмердүүлүгү боюнча баяндама жасаганда текшерилген анык фактыларга гана таянышы керек.

**5.2.** Депутаттар эл алдында чыгып сүйлөгөндө же массалык маалымат каражаттары аркылуу

билдирүүлөрдү жасаганда сылык сыпайы болуп, жарандардын, кызмат адамдарынын абийирин, ар-намысын каралоого жана юридикалык жана физикалык тараптардын ишкердик беделин булгоого жол бербөө керек.

**5.3.** Депутаттардын эл алдында чыгып сүйлөө учурунда жана билдирүүлөрүндө такталбаган фактылар айтылып калган болсо, ошондой эле жарандардын абийирин, ар намысын каралоого, юридикалык жана физикалык тараптардын ишкердик беделин түшүрүүгө атайын же байкабастан аракеттер жасалган болсо, депутаттын эл алдында кемчилдигин моюнуна алуу менен алардан кечирим суроосу милдеттүү.

Ушул пункт менен белгиленген депутаттын жоопкерчилиги Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын алдында ушул раздел боюнча тартип бузуу жоопкерчилигине тартуудан бошотпойт.



## VI. ДЕПУТАТТЫК ЭТИКА ЭРЕЖЕЛЕРИН САКТОО БОЮНЧА КӨЗӨМӨЛ ЖАНА АЛАРДЫ БУЗГАНДЫГЫ ҮЧҮН ДЕПУТАТТЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ

**6.1.** Депутаттардын депутаттын этикасы боюнча Эрежелерининин сакталышын депутаттардын ишмердүүлүгү жана этикасы боюнча Комиссия (мындан ары комиссия) жүргүзөт.

Комиссиянын төрагасы жана мүчөлөрү депутаттар тарабынан депутаттык этиканын сакталышы боюнча тийиштүү чараларды көрүүгө милдеттүү.

**6.2.** Депутаттык этиканын эрежелерин бузуу боюнча маселени Комиссия өзүнүн демилгеси менен же жергиликтүү кеңештин демилгеси боюнча карай алат.

**6.3.** Депутаттардын этикасын бузуу далили боюнча маселени кароо үчүн Комиссияга айыл аймактын жашоочулары, мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызмат адамдары, ишкана, уюмдардын жана коомдук бирикмелердин өкүлдөрү арыз менен кайрыла алат.

**6.4.** Депутаттардын этиканы бузуу кыймыл аракети боюнча күнөөлөгөндө депутаттар Комиссияга кагаз жүзүндө документтерди көргөзүү менен негизделген протест көрсөтүүгө жана ооз жүзүндө күнөөлөнгөндүгү боюнча түшүндүрмө бергенге укуктуу.

**6.5.** Депутаттардын ар намысына, кадыр баркына, ишмердүүлүк беделине шек келтирген негизсиз арыздануу боюнча депутаттар өздөрүнүн укугун мыйзамга каршы келбеген ыкмалар менен коргонууга укуктуу.

**6.6.** Депутаттардын мамлекеттик бийлик органдарына, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына же сот органдарына ар намысын, кадыр баркын, ишмердик беделин коргоо боюнча Комиссияга кайрылуусуна аткаруу органдарынын аппараты депутаттын ар намысын коргоо боюнча көмөк көрсөтөт жана керектүү учурда анын кызыкчылыгын сот органдарынын алдында коргоого көмөктөшөт.

**6.7.** Комиссия депутаттын этикасынын Эрежелерин бузуу боюнча маселени кароодо депутаттын этикасынын Эрежелерин бузулгандыгы же бузулбагандыгы бар же жок экендигин аныктаган чечим кабыл алат.

**6.8.** Депутаттардын этика Кодексин бузуу фактысы боюнча маселе депутаттык этиканын Эрежелери боюнча Комиссиянын рекомендациясы боюнча гана каралат. Депутаттар тарабынан жергиликтүү кеңештин отурумунда ушул эрежелерди бузуусуна карата жергиликтүү кеңештин Регламентинде белгиленген тартипте жоопкерчилик чаралары колдонулушу мүмкүн.

**6.9.** Жергиликтүү кеңеште депутаттын этика Кодексин бузган адамга төмөндөгүдөй чаралар көрүлүшү мүмкүн:

- депутаттын этика Кодексине туура келбеген жүрүм-турумун токтотууну сунуштайт жана кечирим сурoону талап кылат.
- депутаттын этика Кодексин бузгандыгы фактысы боюнча массалык маалымат каражаттары аркылуу округдун шайлоочуларына маалымдайт.

6.9.1. Ушул пунктта белгиленген эрежелерди депутат одоно түрдө бузган болсо, Комиссия тарабынан этика Кодексин бузган депутатка чара көрүү маслеси жергиликтүү кеңештин сессиясына чыгарылат. Жергиликтүү кеңеш депутаттын жоопкерчилиги боюнча маселени алдын ала Комиссиянын кароосусуз эле чечет. Этика кодекси бузулгандыгын одоно түрдө экендигин Жергиликтүү кеңеш аныктайт.

6.9.2. Депутаттын жергиликтүү кеңеште жана анын органдарында өз милдеттерин системалуу түрдө аткарбай жүргөн учурунда, жергиликтүү кеңештин иштөө тартибин бузган учурунда Комиссиянын алдын ала кабыл алган чечими менен жергиликтүү кеңеш депутаттын ай сайын алуучу төлөмдөрүнөн белгилүү бир мөөнөткө ажыратуу боюнча чечим кабыл алат, шайлоочуларга депутаттын өз милдеттерин аткарууга болгон мамилеси боюнча билдирет.

# Коомдук мониторинг жана Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодекси

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин 2018-жылдын 17-октябрындагы №01-18/126 Буйругу менен Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссиялары тууралуу Типтүү жобо бекитилди. Типтүү жобо комиссияны түзүү, анын ишин жана ишин токтотуу тартибин, ошондой эле комиссия мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарын, укуктарын жана милдеттерин карайт. Типтүү жобо 2019-жылдын 1-январынан тарта күчүнө кире турган Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексине ылайык иштелип чыкты. Бузуулар жөнүндө кодекске ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бузуулар жөнүндө иштерди кароого ыйгарым укугу бар болгон комиссияларды түзүшү керек.

Айылдык аймактардын жашоочулары жергиликтүү жамааттын Уставдарына тийиштүү эрежелерди киргизүү жолу менен тартипти, тазалыкты камсыз кылуу, айлана-чөйрөнү коргоо жана көрктөндүрүү боюнча маселелерди чечүүнү сурап келишет. Аны менен катар жарандар укук бузуулардын түрлөрүн жана тартип бузган адамга айып салууну жергиликтүү жамааттын Уставында аныктоону сунуштап келишет. Уставдарды киргизүү процессинде мал багууга жана жаюуга, айдоо жерлерин тебелөө, талаада чогултулган түшүмдү бузуу же жок кылуу, ичүүчү сууну пайдалануу эрежелерин бузуу, таштандыны белгиленбеген жерлерге таштоо ж.б. өңдүү мыйзам бузуулар үчүн айып санкцияларын белгилөө маселелери боюнча өтө көп сунуштар түштү. Жергиликтүү жамааттын Уставы жарандарды жоопкерчиликке тартуу жана аларга карата жаза чараларын колдонуу маселелерин жөнгө салбаганын өзгөчө белгилей кетүү зарыл. Бул маселелер Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинде жөнгө салынган. Жергиликтүү жамааттын Уставында ЖӨБ органдарынын бузуулар жөнүндө иштерди кароо, күнөөлүүлөрдү Бузуулар жөнүндө кодекске ылайык жоопко тартуу укуктарын караштырса болот. Бул укукту ЖӨБ органдары бузуулар боюнча ыйгарым укуктуу комиссияларды түзүү жолу менен ишке ашырышат. Комиссия бузуулар жөнүндө протокол түзүү жолу менен белгилөөгө, күнөөлүүлөрдү аныктоого, аларды Бузуулар жөнүндө кодексте каралган жазанын түрүнүн жана көлөмүнүн чегинде гана, кодекстеги беренелер боюнча гана жоопко тартууга укуктуу.

2019-жылдын 1-январынан тарта Комиссиялар бузуулар жөнүндө иштерди карап, Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексиндеги 27 берене боюнча айып салышат (таштандыларды белгиленбеген жерге таштоо, өрттөө, көрүстөндөрдү күтүү эрежелерин бузуу, иттерди жана мышыктарды багуу эрежелерин бузуу, бөлүнүп берилген же бекитилген жер участогун өзү билемдик менен кеңейтүү, суу бөлүштүрүү эрежелерин жана сууну пайдалануу эрежелерин бузуу, менчигинин формасына карабастан жерлердеги табигый жана маданий жайыт жерлерин бузуу, жайыттарды жана чабындыларды пайдалануунун белгиленген режимин бузуу).

Белгилей кетүүчү бир жагдай: бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссияларда ЖӨБ органы түзгөн мониторинг жана баалоо тобу менен кызматташуу мүмкүнчүлүгү болот. Баарыбызга белгилүү болгондой, мониторинг жана баалоо тобу жергиликтүү жамааттын турмуш-тиричилигинде өзгөчө ролду ойнойт. Топ өз ишинин алкагында айкындуулукту, ачыктыкты жана жергиликтүү деңгээлде коом үчүн маанилүү маселелерди аныктап, аларды чечүүгө жамаат мүчөлөрүн тартууну камсыз кылат. Ошондой эле топ айылдык аймактын өнүгүүсүнө багытталган каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугун жогорулатууда да олуттуу ролду ойнойт. Ошону менен бирге мониторинг жана баалоо тобу өз ишинде ар кандай мүнөздөгү бузууларды аныктап келет. Алардын арасында бузуулар жөнүндө ишти кароо боюнча комиссиянын компетенциясына кирген бузуулар да кездешет. Айталы, айыл өкмөтүнүн жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн, ошондой эле башка муниципалдык уюмдардын, ишканалардын жана мекемелердин ишине мониторинг жана баалоо жүргүзгөн учурда айрым адамдар көрктөндүрүү боюнча белгиленген эрежелерди сактабаганы белгилүү болушу мүмкүн. Мисалы, таштандыны уруксат берилбеген жерге ташташат, ичүүчү сууну пайдалануу эрежелерин бузушат, суу түтүк же башка түйүндөргө өз билгениндей кошулушат, муниципалдык мүлккө зыян келтиришет ж.б. Мындай учурларда мониторинг жана баалоо тобу өз убагында Комиссияга кайрылып, күнөөлүүгө карата тийиштүү чара көрүүнү өтүнө алат, күбө катары чыга алат, бузууларды болтурбоо боюнча жарандар арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүүдө Комиссияга жана ЖӨБ органдарына жардам бере алат. M

# Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссиялары тууралуу ТИПТҮҮ ЖОБО

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин 2018-ж. 17-октябрь № 01-18 /126 буйругу менен бекитилген

## 1. Жалпы жоболор

1. Ушул Типтүү жобо Кыргыз Республикасынын бузуулар жөнүндө кодексинде (мындан ары - Кодекс) каралган Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссияларын (мындан ары - Комиссия) түзүүнүн жана алардын ишинин тартибин аныктайт.

2. Комиссия жергиликтүү кеңеш тарабынан түзүлөт жана туруктуу иштөөчү коллегиалдуу орган болуп эсептелет.

3. Комиссия жөнүндө жобо, анын сандык жана персоналдык курамы жергиликтүү кеңештин чечими менен бекитилет.

4. Комиссия өз ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын бузуулар жөнүндө кодексин, башка ченемдик укуктук актыларды жана ушул Жобону жетекчиликке алат.

5. Комиссия кодексте каралган бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча ыйгарым укуктарга ээ.

6. Комиссия жергиликтүү кеңештин алдында отчет берет. Комиссия жыл сайын, 15-январдан кеч эмес өткөн календардык жылда аткарган өз иштери тууралуу отчет даярдап жергиликтүү кеңешке киргизет.

7. Комиссиянын ишмердүүлүгүн материалдык-техникалык жактан камсыздоо жергиликтүү бюджетте каралган каражаттардын эсебинен жүргүзүлөт.

## 2. Комиссияны түзүүнүн жана анын ишмердүүлүгүн токтотуунун тартиби

8. Комиссия так санда, 5-11 адамдан, Комиссиянын төрагасынын, төрагасынын орун басарынын, катчысынын жана мүчөлөрүнүн курамында түзүлөт.

10. Жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилүүчү Комиссиянын курамына төмөндөгүлөр киришет:

- жергиликтүү кеңештин депутаттары;
- муниципалдык кызматчылар;
- шаардын, айыл аймагынын чегинде жашаган жарандык коомдун жана жергиликтүү жамааттын өкүлдөрү (макулдашуу боюнча).

Комиссиянын төрагасы комиссиянын мүчөлөрүнүн ичинен, ал эми Комиссиянын катчысы мэриянын (айыл окмөтүнүн) муниципалдык кызматчысы болгон комиссиянын мүчөлөрүнүн ичинен дайындалат.

11. Жарандык коомдун жана жергиликтүү жамааттын өкүлдөрүнөн 21 жашка толгон, атайын орто жана (же) жогорку билимдүү Кыргыз Республикасынын жараны Комиссиянын мүчөсү боло алат.

12. Жарандык коомдун жана жергиликтүү жамааттын өкүлдөрүнөн:

- соттун чечими менен аракетке жөндөмсүз же аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген деп табылган;
- соттуулугу бар же мыйзамда аныкталган тартипте алынбаган же жабылбаган соттуулугу бар;
- акталбаган негиздер боюнча соттук куугун-




туктоосу (жазык иши) токтотулган, мурда жазык жоопкерчилигине тартылган;

- медициналык корутундуга ылайык ден соолугунун абалы Комиссиянын мүчөсүнүн ыйгарым укуктарын аткарууга тоскоолдук кылган адамдар Комиссиянын мүчөсү боло албайт.

13. Комиссиянын иштеп жаткан курамынын ыйгарым укуктары жергиликтүү кеңеш Комиссияны түзүү жөнүндө чечим кабыл алган күндөн тартып башталат жана Комиссиянын жаңы курамы бекитилген учурдан тартып токтотулат.

14. Комиссиянын мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктары ошондой эле:

- жарандык коомдун жана жергиликтүү жамааттын өкүлү болуп эсептелген Комиссиянын мүчөсү өз ыйгарым укуктарын токтотуу тууралуу жазуу жүзүндө арыз берген учурда;
- Комиссиянын мүчөсү муниципалдык кызматын токтоткондо;
- Комиссиянын мүчөсүнө карата соттун айыптоочу өкүмү күчүнө киргенде;
- күчүнө кирген соттун чечими менен Комиссиянын мүчөсү болуп эсептелген адам аракетке жөндөмсүз же аракетке жөндөмдүүлүгү чектелген, дайынсыз жок болгон же өлгөн деп табылганда;
- медициналык корутундуга ылайык Комиссиянын мүчөсүнүн ден соолугунун абалы ыйгарым укуктарын аткарууга тоскоолдук кылган учурда;
- Комиссиянын мүчөсү болуп эсептелген адам Комиссиянын мүчөсүнүн намысын жана кадыр-баркын кетирүүчү жосун жасаган учурда;
- Комиссиянын мүчөсү өлгөндө;
- Комиссиянын мүчөсү Кыргыз Республикасынын чегинен сырткары жерге туруктуу жашоо үчүн чыгып кеткенде;
- Комиссиянын мүчөсү Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыкканда, Кыргыз Республикасынын жарандыгын жоготкондо же чет мамлекеттин жарандыгын алганда;
- жергиликтүү кеңештин депутаты катары ыйгарым укуктарынын мөөнөтү аяктаганда;
- жарандык коом жана жергиликтүү жамаат тарабынан өз өкүлүн кайра чакырып алганда

токтотулат.

15. Комиссиянын жаңы мүчөсү Комиссиянын мурдагы мүчөсүнүн ыйгарым укуктарын токтотуу жөнүндө чечим кабыл алынгандан 15 календарлык күндөн кеч эмес бекитилет.

16. Комиссиянын ыйгарым укуктары Комиссия өз ыйгарым укуктарын аткарбаган же талаптагыдай эмес аткарганда жергиликтүү кеңештин чечими менен токтотулушу мүмкүн.

17. Комиссиянын жаңы курамы Комиссиянын мурдагы курамынын ыйгарым укуктары токтотулгандан 5 календарлык күндөн кеч эмес түзүлөт.

### 3. Комиссиянын ишинин тартиби

18. Комиссиянын ыйгарым укуктары Кодексте аныкталган.

19. Комиссия бузуулар жөнүндө иштерди отурумдарда карайт. Комиссиянын отурумдары зарылчылыгына жараша (материалдардын түшүшүнө карата) өткөрүлөт. Комиссиянын отурумдарынын мезгилдүүлүгү бузуулар жөнүндө иштерди кароонун мыйзам тарабынан аныкталган мөөнөттөрүн сактоо камсыз кылынгандай болууга тийиш.

20. Эгерде Комиссиянын жалпы мүчөлөрүнүн үчтөн экиси катышса, Комиссиянын отуруму укуктуу болот.

Эгерде Комиссиянын жалпы мүчөлөрүнүн жарымынан көбү добуш берсе чечим кабыл алынды деп эсептелет.

21. Бузуулар жөнүндө ишти Комиссия иштин материалдары келип түшкөндөн баштап он күндүк мөөнөттө, Кодексте аныкталган тартипте карайт.

22. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын башчылары өз чечимдери менен бузуулар жөнүндө протокол түзүү боюнча ыйгарым укук берилген кызмат адамдарынын тизмегин аныктайт.

23. Комиссия чечимди аныктама же токтом түрүндө чыгарат.

24. Комиссия, бузуу жөнүндө ишти карап чыгып:

а) төмөндөгү токтомдордун бирин чыгарат:

1) жаза чарасын колдонуу жөнүндө;

2) туумду кошуп эсептөө жөнүндө (Кодекстин 29-беренеси);

3) иш боюнча өндүрүштү кыскартуу жөнүндө.

б) ишти кароо Комиссиянын компетенциясына кирбей тургандыгы ачыкталган кезде, ишти ведомстволук караштуулугу боюнча өткөрүп берүү жөнүндө аныктама чыгарат.

25. Иш боюнча чыгарылган токтомго даттануу тартиби, жаза чаралары жана кошумча укуктук кесепеттер жөнүндө токтомду аткаруунун тартиби Кодексте каралган тартипте жүзөгө ашырылат.

## 4. Комиссиянын мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттери

26. Комиссиянын ишмердүүлүгүн Комиссиянын төрагасы уюштурат.

27. Бузуу жөнүндө иштерди кароодо Комиссиянын мүчөлөрү бирдей укукка ээ.

28. Комиссиянын мүчөлөрү:

Төмөндөгүлөргө милдеттүү:

- Комиссия тарабынан каралып жаткан бузуу жөнүндө иштердин материалдары менен таанышууга;
- бузуу жөнүндө иштер боюнча иликтөөгө жана далилдерге баа берүүгө катышууга;
- Комиссиянын чечимдерин чыгарып жатканда талкуулоого жана добуш берүүгө катышууга;
- жүрүм-турумдун этикасынын эрежелерин сактоого;
- Комиссиянын отурумдарынын протоколуна кол коюуга.

Төмөндөгүлөргө укуктуу:

- бузуу жөнүндө иштерге катышып жаткан адамдарга суроолорду берүүгө;
- бузуу жөнүндө иштер боюнча кабыл алынып жаткан чечимдер боюнча сунуштарды киийрүүгө;
- Кодексте каралган башка укуктарга.

29. Комиссиянын төрагасы, Комиссиянын мүчөсүнүн милдеттеринен сырткары, төмөндөгүлөргө милдеттүү:

- Комиссиянын ишмердүүлүгүн пландаштыруу, уюштуруу жана жетектөө;
- Комиссиянын отурумдарында төрагалык кылуу;
- Комиссиянын отурумунун күн тартибин бекитүү;
- Комиссия тарабынан чыгарылган чечимдерге (аныктамаларга жана токтомдорго), ошондой эле Комиссиянын башка документтерине кол коюу;
- Комиссиянын ишмердүүлүгүнө көзөмөл жүргүзүү.

Комиссиянын төрагасы, Комиссиянын мүчөсүнүн укуктарынан сырткары, төмөнкүдөй укуктарга ээ:

- өз компетенциясынын чегинде Комиссиянын атынан ишеним катсыз аракеттерди жасоого жана мамлекеттик бийликтин органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары жана жарандар менен болгон мамилелерде Комиссиянын кызыкчылыктарын билдирүүгө;
- Комиссиянын ыйгарым укуктарына кирген маселелер боюнча тапшырмаларды берүүгө;
- ушул Жобого жана Кодекске ылайык башка укуктарга.

30. Комиссиянын төрагасынын орун басары Комиссиянын мүчөсүнүн милдеттеринен сырткары:

- бузуулар жөнүндө иштерди Комиссиянын отурумунда кароого алдын-ала даярдоону уюштурат;
- Комиссиянын төрагасынын тапшырмаларын аткарат;
- Комиссиянын төрагасы жок болгон учурда анын ыйгарым укуктарын ишке ашырат;
- ушул Жобого жана Кодекске ылайык башка функцияларды аткарат.

31. Комиссиянын катчысы, Комиссиянын мүчөсүнүн милдеттерин аткаруудан сырткары:

- бузуулар жөнүндө иштерди Комиссиянын кароосуна даярдоону уюштурат;
- өз ишмердүүлүгүн Комиссиянын төрагасынын жетекчилигинин астында ишке ашырат;
- Комиссиянын төрагасынын тапшырмаларын аткарат;
- келип түшкөн материалдарды, билдирүүлөрдү жана арыздарды, ошондой эле бузуу жагдайы бар экендигин көрсөткөн, массалык маалымат каражаттарында (анын ичинде Интернетте) жарыяланган кабарларды кабыл алат жана каттайт;
- бузуулар жөнүндө протоколдорду, Комиссия тарабынан чыгарылган токтомдорду жана аныктамаларды Кодекстин жана ушул Жобонун талаптарына ылайык даярдоону жана тариздөөнү камсыз кылат;
- Комиссиянын мүчөлөрүн, бузуулар жөнүндө өндүрүшкө катышып жатышкан адамдарды талаптагыдай ишти кароонун убактысы жана орду тууралуу кабарландырат, аларды Комиссиянын кароосуна киргизилген иштердин материалдары менен тааныштырат;
- Комиссиянын отурумдарынын протоколун жүргүзөт жана тариздейт, аларга кол коет;
- Комиссия тарабынан чыгарылган чечимдерге (аныктамаларга жана токтомдорго) кол коет;
- аныктамалардын жана токтомдордун көчүрмөлөрүн тиешелүү адамдарга белгиленген мөөнөттөрдө тапшырууну же жөнөтүүнү камсыз кылат;
- Комиссия тарабынан чыгарылган токтомдорго жана аныктамаларга даттанууларды кабыл алат, аларды кароону уюштурат;
- Комиссия тарабынан чыгарылган аныктамалардын жана токтомдордун аткарылышына көзөмөл жүргүзөт;

- Комиссиянын иш кагаздарынын жүргүзүлүшүн жана сакталышын камсыз кылат;
- бузуулар жөнүндө иштерди кароонун тажрыйбасын иликтейт жана жалпылайт, Комиссиянын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу ченемдик укуктук актыларды өркүндөтүү боюнча сунуштарды даярдайт;
- отчеттуулукту жана статистикалык отчеттуулукту жүргүзөт;
- Кодекске жана ушул Жобого ылайык башка милдеттерди аткарат.

Комиссиянын катчысы убактылуу жок болгон учурда анын милдеттерин комиссиянын төрагасынын тапшыруусу боюнча комиссиянын мүчөлөрүнүн бири аткарып турат.

32. Эгерде Комиссиянын мүчөлөрү:

- бузуу үчүн жоопкерчиликке тартылып жаткан адамдын, жабырлануучунун, анын мыйзамдуу өкүлдөрүнүн, коргоочусунун, өкүлүнүн, адвокатынын, ошондой эле күбөсүнүн, эксперттин, адистин, котормочунун туугандары болушса;
- иштин чечилишине тике же кыйыр түрдө кызыкдар болушса, алардын бузуулар жөнүндө иштерди кароого катышууга акысы жок.

## 5. Комиссиянын иш кагаздарын жүргүзүү

33. Иш кагаздарын жүргүзүүгө жалпы жетекчилик Комиссиянын төрагасы тарабынан ишке ашырылат, ал бул иштин абалы үчүн жоопкерчилик тартат.

34. Эсеп журналдарынын сакталышы, аларга маалыматтардын өз убагында жана анык, так киргизилиши үчүн жоопкерчиликти Комиссиянын катчысы тартат.

35. Бузуулар жөнүндө иш өндүрүшүнүн катышуучуларына бардык зарыл документтерди жөнөтүү Комиссиянын катчысы тарабынан жүргүзүлөт.

36. Бузуулар жөнүндө иштер боюнча кабарламалар ишти кароонун датасы дайындалгандан кийинки күндөн кеч эмес жиберилиши керек (№3-тиркеме).

Жиберилген кабарлама адресатка тапшырылбай калганы билинген учурда, Комиссиянын катчысы ошол замат тапшырылбай калуунун себептерин аныктоого, бул тууралуу Комиссиянын төрагасына билдирүүгө, анын көрсөтмөсү боюнча кабарламанын өз убагында тапшырылышын камсыз кылуучу чараларды көрүүгө милдеттүү.

Комиссиянын отурумуна келбеген адамдардын кабарламаларынын айырма бөлүгү ишке тигилет.

37. Бузуу жасалган жерде айып пул өндүргөн учурда айып пулду төлөө банк картасын пайдалануу менен терминал аркылуу жүргүзүлөт, ал эми төлөөнүн мындай формасы мүмкүн болбогондо, Комиссиянын катчысы бузуу үчүн жоопкерчиликке тартылып жаткан адамга кабыл алынган үлгүдөгү, атайын финансылык отчеттулуктун документи болуп эсептелүүчү жана эки нускада түзүлүүчү айып пул дүмүрчөгүн (квитанциясын) берет. Жоопкерчиликке тартылып жаткан адам салынган айып пулду ыктыярдуу төлөөгө макулдугун билдирип айып пул дүмүрчөгүнүн (квитанциясынын) биринчи нускасына кол коет, экинчи нускасы жаза чарасы колдонулуп жаткан адамга берилет.

38. Комиссиянын катчысы бузуулар жөнүндө иштерди түзүүнү, аларды төмөндөгүдөй хронологиялык тартипте топтоштуруп тигүүнү камсыздайт:

- бузуулар жөнүндө протокол жана ишке байланыштуу башка материалдар;
- отурумдун процессинде ишке кошулган, келип түшкөн иретинде жайгаштырылган бардык документтер;
- белгиленген тартипте кол коюлган комиссиянын отурумунун протоколу;
- ишти кароонун жыйынтыгында отурумда чыгарылган аныктамалар, токтомдор.

Бардык документтер көктөмөгө алардын тексти көрүнүп тургандай болуп көктөлөт.

39. Комиссия тарабынан каралган бардык иштер эсепке алынууга жатат. Иштин номуру каттоо журналындагы катар номурун жана келип түшкөн жылды камтыйт.

40. Бузуулар жөнүндө протокол түзүүчү кызмат адамдары бузуулар жөнүндө каралган иштер тууралуу маалыматтарды Комиссия менен ай сайын салыштырып турушат.

41. Комиссия ай сайын Комиссия тарабынан салынган айып пулдардын келип түшүшүн казначылыктын райондук (шаардык) бөлүмү менен салыштырып текшерип турат.

42. Комиссия төмөнкүдөй эсеп журналдарын жүргүзө алат:

- бузуулар жөнүндө иштерди эсепке алуу журналы;
- айып пул салынган адамдарды эсепке алуу журналы;
- бузууну жасоо үчүн жоопкерчиликке тартылып жаткан адамдарга жиберилген кабарламаларды эсепке алуу журналы (№4-тиркеме).

43. Журналдардын барактары номурланган, көктөлгөн, мөөр менен бекитилген болууга тийиш, эсеп журналындагы бардык жазуулар окуй алгыдай даана, көк же сыя көк түстөгү сыя (паста) менен жазылат.

44. Журналдарды сактоо мөөнөтү 3 жыл. Бузуулар жөнүндө иштерди сактоо мөөнөтү 5 жыл. Көрсөтүлгөн мөөнөт аяктаганда алар тизим боюнча архивге тапшырылат.

45. Эсепке алуу журналдары ички колдонуунун документтери болуп эсептелет жана мекемеуюмдарга, жеке жарандарга же кызмат адамдарына, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурлардан сырткары, Комиссиянын төрагасынын уруксатысыз берилбейт.



# Жергиликтүү жамааттын Уставы жана укук бузуулар боюнча административдик комиссиянын иши[1]

**Гуляим ШАМШИДИНОВА,**
ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун мыкты практика боюнча адиси

2018-жылдын августунда жергиликтүү жамааттын уставын киргизүү практикасына карата тажрыйба алмашуу боюнча кезектеги иш сапар уюштурулду. Бул иш-чара Швейцариянын Өнүктүрүү жана кызматташтык агенттиги (SDC) каржылаган жана Өнүктүрүү саясат институту аткарган "Элдин үнү жана ЖӨБ органдарынын жоопкерчилиги: бюджеттик процесс" Долбоорунун (мындан ары – ЭҮЖӨБОЖ Долбоору) алкагында өттү. Тажрыйба алмашуу сапарынын катышуучулары айылдык кеңештердин уставдарга арналган сессияларын уюштуруу жана өткөрүү өзгөчөлүктөрү менен таанышты. Экинчи бир маанилүү маселе – укук бузуулар боюнча административдик комиссиялардын ишинин тажрыйбасы. Комиссиялар жергиликтүү жамааттын уставынын талаптарынын аткарылышын көзөмөлдөөнүн мыйзамдуу механизми болуп саналат.

ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун эки максаттуу муниципалитети (ММ) – Ош облусунун Өзгөн районунун Жазы АА жана Нарын облусунун Ак-Талаа районунун Ак-Тал АА ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнө тажрыйба алмашуу үчүн аянтча болуп калды.

Сессияларды өткөрүү тажрыйбасын өздөштүрүү

[1] 2019-жылдын 1-январынан тарта Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодекси күчүнө кирет. Бузуулар жөнүндө кодекске ылайык, ушул күндөн баштап административдик комиссиялар бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссиялар деп аталат. Комиссияны түзүү, анын ишин жана ишин токтотуу тартибин, ошондой эле комиссия мүчөлөрүнүн ыйгарым укуктарын, укуктарын жана милдеттерин Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бузуулар жөнүндө иштерди кароо боюнча комиссиялары тууралуу Типтүү жобо сүрөттөйт. Бул Жобо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин 2018-жылдын 17-октябрындагы №01-18/126 Буйругу менен бекитилди.

үчүн айылдык кеңештердин төрагалары, айыл өкмөтүнүн башчылары жана жооптуу катчылары келишти. Иш-чарага Кыргызстандын 48 муниципалитетинен (13ү ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун максаттуу жана 35и максаттуу эмес муниципалитети) жалпысынан 167 адам катышты, анын ичинен 45и аялдар болду.

Жазы жана Ак-Тал айылдык аймактарындагы тажрыйба алмашуу сапарында катышуучулар мүмкүн болушунча көбүрөөк билим жана маалымат алгандай деңгээлде өттү. Биринчиден, тажрыйба алмашуу сапарынын катышуучулары эки муниципалитеттин депутаттарынын иши менен практика жүзүндө тааныша алышты. Катышуучулар жергиликтүү кеңештердин жыйындарына күбө болушту. Бул жыйындар мыйзамдардын талаптарын жана регламентти толук сактоо менен ачык сессия режиминде өттү. Экинчиден, ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү жергиликтүү кеңештердин сессияларын уюштуруу жана өткөрүү аркылуу ЖЖ Уставынын долбоорун кабыл алуу процессинин өзгөчөлүктөрүнө практикада үйрөнө алышты. Үчүнчүдөн, айыл өкмөтүнүн административдик укук бузуулар боюнча комиссиясынын ишин уюштуруу маселелери боюнча тажрыйба алмашуу болду; анда административдик укук бузуулар жөнүндө иштерди кароо жана КР мыйзамдарына ылайык комиссиялардын компетенциясына киргизилген административдик айып салуу чөйрөсүндөгү көптөгөн маселелер талкууланды. Соңунда ЖӨБ органдарынын жетекчилери ортосунда конструктивдүү диалог болду. Анын жүрүшүндө ар бири көргөн тажрыйбаны кантип колдонуп, ЖӨБ органдарынын калк менен өз ара аракеттенүүсү боюнча ишин кантип жакшыртса болоору тууралуу пайдалуу тыянак жасалды.

## Жергиликтүү кеңештердин ачык сессиясын уюштуруу жана өткөрүү тажрыйбасы

Ошентип, иш-чаранын коноктору Жазы жана Ак-Тал ААнын айылдык кеңештери уюштурган жана өткөргөн ачык сессияларга күбө болушту. Бул сессиялардын жүрүшүндө депутаттар жергиликтүү жамааттардын уставдарын карап чыгып, кабыл алышты. Эки муниципалитеттеги кеңештердин депутаттарынын кворуму сессия өткөрүүнү бир добуштан колдоого жол берди. Айыл өкмөт башчылары жергиликтүү жамааттардын уставдарын киргизүү жаатында аткарылган иштердин жыйынтыктары менен тааныштырып, калктын кеңири катмары арасында “жергиликтүү Конституциянын” долбоорун талкуулоо боюнча чакан чогулуштардын жыйынтыктары тууралуу депутаттарга маалымат беришти. Башчылар уставдардын долбооруна жергиликтүү жамааттан түшкөн сунуштардын сандык жана сапаттык тизмесин беришти.

Андан соң кеңештин мыйзамдуулук, укук жана укук тартиби маселелери боюнча туруктуу комиссияларынын төрагалары уставдын долбоорун карап чыккандан кийинки жыйынтыктар тууралуу маалыматты, Уставды жакштыруу тууралуу комиссиянын корутундусун беришти. Ошондон кийин депутаттар маалыматтарды талкуулоого киришип, суроолорду узатып, аларга жоопторду алышты.

Жазы жана Ак-Тал ААнын айылдык кеңешинин төрагалары мамлекеттик жана расмий тилдерде даярдалган Жергиликтүү жамааттын Уставын бекитүү жөнүндө кеңештин Токтомдорунун долбоору менен депутаттарды тааныштырышты. Токтомго айыл өкмөт башчысынын доклады тууралуу, туруктуу комиссиянын корутундусу, жергиликтүү жамааттын Уставын бекитүү жана аны ЖӨБЭММАнын сайтында (www.gamsumo.gov.kg) жарыялоо жөнүндө маалыматтар кирди.

Бардык берилген материалдарды карап чыгуунун натыйжасында эки муниципалитеттин кеңештеринин депутаттары жергиликтүү жамааттын Уставын бир добуштан кабыл алып, бекитишти. Эки муниципалитетте тең айылдык кеңештердин сессияларын өткөрүүнүн бардык эрежелери жана жол-жоболору максималдуу түрдө сакталды.

## Жергиликтүү жамааттардын уставдары жөнүндө суроолор

**СУРОО. Жергиликтүү жамааттын уставын бекитүү жөнүндө жергиликтүү кеңештин токтомун ишке ашыруу үчүн ким жоопкерчилик алышы керек? Бул процессти ким контролдойт?**

ЖООП. Жергиликтүү кеңеш айыл өкмөтүнүн атынан ЖӨБдүн аткаруу органына жоопкерчиликти жүктөйт. Контролду жергиликтүү кеңештин мыйзамдуулук, укук жана укук тартиби маселелери боюнча туруктуу комиссия ишке ашырат.

**СУРОО. Жергиликтүү кеңеш уставды бекиткенден кийин документке өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизсе болобу?**

ЖООП. Ооба, бул жергиликтүү ченемдик укуктук акт, ага өзгөртүүлөрдү киргизүүгө болот. Жашоо бир орунда турбайт да, ар кандай жаңы жагдайлар пайда болот. Булардын баары уставда ордун табышы керек. Бирок ар бир өзгөртүү киргизүү сунушу жамаат менен талкууланып, аны жергиликтүү кеңеш бекитиши керек.

**СУРОО. Көпчүлүк муниципалитеттерде жергиликтүү жамааттын эски уставы иштеп жатат. Ал юридикалык күчкө ээби же баары уставды жергиликтүү жамаат менен талкуулагандан кийин жаңылап чыгышы керекпи?**

ЖООП. Эски уставдар 2009-жылдын 20-июлундагы №241 “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” КР Мыйзамын кабыл алгандан кийин ошол эле жылы күчүн жоготкон. Бул Мыйзамдын 36-беренесинде (“Өткөөл жоболор”) мындай деп белгиленген: “Конституциялык мыйзамдарды, кодекстерди, мыйзамдарды, Президенттин жарлыктарын, Жогорку Кеңештин, Өкмөттүн, Шайлоо жана референдум өткөрүү боюн-

ча борбордук комиссиянын токтомдорун кошпогондо, ушул бөлүктүн биринчи абзацында белгиленген мөөнөттө Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизилбеген ченемдик укуктук актылар өздөрүнүн күчүн токтотот жана колдонулууга жатпайт... Ушул Мыйзамга ылайык ченем жаратуу органы болуп эсептелбеген мамлекеттик органдар тарабынан кабыл алынган (чыгарылган) ченемдик укуктук актылар ушул Мыйзам күчүнө киргенге чейин юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өткөн шартта 2010-жылдын 31-декабрына чейин колдонулат". Ушундан улам жаңы уставдарды иштеп чыгып, аларды жергиликтүү жамааттар менен талкуулап, жергиликтүү кеңеш белгиленген тартипте кабыл алышы керек.

**СУРОО. Жергиликтүү кеңештин уставынын долбоорун талкуулап жатканда айдоо жерлерин мал тебелеп жаткандыктан, бул багытта чараларды көрүү боюнча өтө көп сунуштар түштү. Бул сунуштарды уставга кантип киргизсек болот?**

ЖООП. Мындай сунуштарды төмөнкүдөй формулировкада чагылдырса болот: "Мал жаюу эрежелерин сактап, малды бул үчүн атайын бөлүнгөн, "Жайыттар жөнүндө" мыйзамда жана КР жер мыйзамдарында каралган жерлерде жаюу, ошондой эле жарандык мыйзамдарга ылайык, мал жаюу тартиби жөнүндө малчылар менен милдеттүү түрдө келишим түзүлүшү керек".

**СУРОО. Кеңеш кабыл алган жергиликтүү жамааттын уставы качан күчүнө кирет? Бул документ менен адегенде эл таанышып чыгышы керекпи?**

ЖООП. Айылдык кеңештин депутаттары уставды кабыл алгандан кийин документ КР Юстиция министрлигинин аймактык бөлүмүндө каттоодон өтөт. Андан соң бул документти маалыматтык өнөктүк аркылуу калк арасында мүмкүн болушунча кеңири жайылтыш керек (айылдык аймактагы бардык маалыматтык такталарда жайгаштырып, бардык мекеме-уюмдарга, айыл башчыга, кварталчыларга, жергиликтүү жамааттын лидерлерине таратып чыгыш керек). Ошону менен бирге уставдын күчүнө кириши үчүн аны жергиликтүү ченемдик укуктук акт катары расмий жарыялоо, аны Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү милдеттүү шарттардын бири.

**СУРОО. Жергиликтүү жамааттын уставын кабыл алуу жөнүндө токтомду жолжоболоштуруп жатканда, "эски устав толугу менен күчүн жоготту" деп көрсөтүш керекпи же буга чейин кабыл алынган уставга өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилип жатканы тууралуу пунктту киргизип коюу жетиштүү болобу?**

ЖООП. Эгерде жаңы редакция кабыл алынып жатса, анда токтомдо "Жергиликтүү жамааттын буга чейин кабыл алынган уставы күчүн жоготту деп таанылсын" деп көрсөтүлөт.

## Административдик укук бузуулар боюнча айыл өкмөтүнүн комиссиясынын ишин уюштуруу тажрыйбасы

Окуу сапарынын катышуучуларына Ак-Сай ААнын айыл өкмөтүнө караштуу административдик комиссиянын иш тажрыйбасы мыкты практика катары сунушталды. Эмне үчүн дал ушул тема тандалып алынган? Жергиликтүү жамааттын уставынын долбоорун талкуулоо боюнча өткөн чогулуштардын көбүндө жашоочулар айып санкциялары маселесин байма-бай көтөрүп келишти. Бул жаатта көпчүлүк суроолор айыл өкмөтүнө караштуу административдик комиссиялардын ишине барып такалды.

Окуу сапарына катышкан 33 муниципалитеттин ичинен үчөөндө гана укук бузуулар боюнча административдик комиссиялар түзүлгөн. Бул эмнеден кабар берет? Биринчиден, "Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодекс" Мыйзамы ишке ашпай жатат. Экинчиден, ЖӨБ органдары укук бузуулар боюнча административдик жаза салуу боюнча өз ыйгарым укуктарын билишпейт. Үчүнчүдөн, Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодекстин талаптарын аткаруу боюнча прокуратура органдары тарабынан көзөмөл жок.

Комиссиялар кантип иштей алаарын талкуулоого эксперттер катары Баткен облусунун Баткен районундагы Ак-Сай ААнын айыл өкмөт башчысы Эргеш НИЯЗКУЛОВ жана административдик комиссиянын төрайымы Гүлмира ЖУСУПОВА чакырылышты. Ак-Сай ААнын тажрыйбасы Кыргызстандагы айылдык аймактар арасында административдик комиссиялардын ишинин дээрлик жалгыз ийгиликтүү практикасы болуп саналат. Аймактын өкүлдөрү комиссия басып өткөн жолду, жсалган иштер, аймакта укук бузган жаранга кандай айып санкциялар колдонулганы, комиссиянын иш процессинде кандай тоскоолдуктар болгону, кандай каталар кетирилгени тууралуу кенен айтып беришти. Аксайлыктар административдик комиссияны КР Өкмөтүнүн 2017-жылдын 24-мартындагы №176 Токтому менен бекитилген Типтүү жобонун негизинде түзүшкөн. Айыл өкмөт башчынын буйругу менен беш адамдан турган комиссия түзүлүп, ага АӨ адистери жана айылдык кеңештин депутаттары кирген. Башчынын айтымында, күчтүү команда түзүлгөн, ошондуктан комиссиянын иши "чу" дегенде эле жакшы кетти. Бардык айып санкциялары Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодекстин 534-1-беренесинин негизинде мыйзамдуу колдонулат, ар бир укук бузуу боюнча айыл тургунунун, милициянын жана комиссия мүчөлөрүнүн катышуусунда протокол түзүлөт. Калыс жана мыйзамдуу иштөө максатында комиссия ар бир укук бузуу боюнча дыкат иш алып барып, бардык материалдар жана фактылар менен таанышып чыгат.

Ак-Сай айыл өкмөтүнүн башчысы Эргеш НИ-



ЯЗКУЛОВ административдик комиссия тартип бузгандардын терс реакциясына кабылып тураарын, бирок акыр соңунда баары туура жыйынтык чыгараарын айтып берди: “Биринчи жолу айып салынганда көптөр каршылык көрсөтөт, этибарга албайт. Бирок андан кийин түшүнүп, административдик комиссиянын чечимине баш ийип калышат. Мисалы, тургундардын бири жайытты мыйзамсыз колдонуп келген: беш баш малдын ордуна кошуна Тажикстандан 20 баш мал алып келип, биздин жайытка коё берчү. Жашоочулар даттанып эле жатышчу. Натыйжада малчыга 2000 сом айып салдык. Күнөөсү болбогонун айтып, ушул күнгө чейин биз менен тартышып келатат. Бирок жайытыбызга чоочун малды жайбай калды. Башка бир жашоочу базардан мал сатып келип, ал оорулуубу же жокпу деп текшербестен эле биздин малга кошуп жиберген. Көп өтпөй, малыбыз ылаңдай баштады. Ага да айып салдык, ал көпкө чейин мындай чечимге баш ийбей жүрдү. Бирок ошол окуядан кийин эч ким мал жаюу жана башкалардын малына кошуу эрежелерин бузбай калды. Бирок көпчүлүк учурларда укук бузган адамдар админкомиссиянын чечимине макул болушат жана айыпты оңой эле төлөп коюшат”.

Ак-Сай ААнын 24 тургунуна салынган айып санкцияларынын эсебинен жергиликтүү бюджетке 48 000 сом түшкөн. Бирок административдик комиссиянын ишинде эң маанилүү жагы – айып санкциялардын эсебинен киреше алууга умтулбаш керек, бул процесстен пайда табууну максат кылбаш керек. Комиссия акча үчүн эмес, адамдарды тартипти сактоого, өзүнүн жана башкалардын алдындагы жоопкерчилик сезимин тарбиялоого, биринбири урматтоого, жүрүм-турумдун элементардык эрежелерин сактап, гармонияда жашоого үйрөтүү үчүн иштейт. Бул тема окуу сапарынын катышуучуларында өзгөчө кызыгууну жаратып, көптөгөн суроолор узатылды. Бул суроолорго ЭҮЖӨБОЖ Долбоорунун эксперттери жана юристтери жооп беришти. Долбоор “Айыл өкмөтүнүн административдик укук бузуулар боюнча комиссиясынын ишин уюштуруу тартиби жөнүндө” деген темада презентациялык материал даярдады. Анда комиссиянын иши, административдик айыптарды салуу тартиби, комиссиянын курамы, мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттери тууралуу кеңири сөз болду. Ошондой эле административдик комиссиянын ишин өркүндөтүү боюнча сунуштар да берилди.

## Укук бузуулар боюнча административдик комиссиянын иши жөнүндө суроолор

**СУРОО. Эгерде жеке менчикке карата укук бузуу болсо, анда муну менен ким алектенет – менчик ээси өзүбү же административдик комиссиябы?**

ЖООП. Зыянга учураган менчик ээси зыяндын ордун толуктоо тууралуу доо арыз менен административдик комиссияга жана сотко кайрылууга укуктуу.

**СУРОО. Биздин ААдагы жайыттардын аймагында кошуна ААнын мал жайылып жүрөт. Кошуна ААнын жашоочуларына айып салууга укугубуз барбы?**

ЖООП. Укук бузуучу жашаган жерине карабастан административдик комиссия айылдык аймактын чегинде жасалган иштерди карайт.

**СУРОО. Административдик комиссиянын мүчөлөрүнө кандайдыр бир акчалай сыйакы каралганбы? Анын үстүнө эгерде комиссиянын курамында айыл өкмөттүн кызматкерлери болсо, бул алар үчүн кошумча жүк да?**

ЖООП. Жок, акы каралган эмес. Бирок АӨ кызматкерлерине кошумча эмгек өргүү күндөрүн берип, грамота тапшырып, материалдык эмес шыктандыруучу башка чараларды колдонуу менен аларга дем берүүгө болот. Эрежеге ылайык, административдик комиссиялардын бардык мүчөлөрү жигердүү, алар ак ниети менен иштешет. Себеби бул ишти жалпы аймактын өсүп-өнүгүүсү үчүн жасап жатканын түшүнүп турушат.

**СУРОО. Айылдын жаштары өз эрежесин демилгеледи: “айдоо жерлерин тебелеп кеткен мал союлат” деп жазылган баракчаларды чыгарышты. Бул мыйзамдуубу?**

ЖООП. Мындай демилгелерге кылдат мамиле жасаш керек. Эгерде жамааттын уставы жана административдик комиссиясы айдоо жерлерин

тебелеп салуу үчүн 2000 сом көлөмүндө айыпты белгилесе, анда башка санкцияларды колдонууга болбойт. Антпесе, башка укуктук кесепеттер пайда болушу ыктымал. Мисалы, бир айылда айдоону тебелеп кеткен малды кармап жатканда, ал өлүп калган. Малдын ээси тигилерди сотко берип, утуп алды жана компенсация төлөттү.

**СУРОО. Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексте көрсөтүлгөн олуттуу зыяндын көлөмүн ким аныктайт? Агрардык өнүктүрүүнүн райондук башкармалыгынын адистерине кайрылса болобу?**

ЖООП. Зыянды атайын түзүлгөн комиссия аныктайт жана бул комиссияга агрардык өнүктүрүү боюнча райондук башкармалыктын адистери да катышат.

**СУРОО. Административдик укук бузуулар үчүн айыптар кимдин эсебине түшүшү керек: республикалык бюджеткеби же жергиликтүү бюджеткеби?**

ЖООП. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары салган айыптар жергиликтүү бюджеттин эсебине түшөт.

**СУРОО. Административдик укук бузуулар аныкталган учурда айрым ЖӨБ органдары зыянды жана укук бузуучунун күнөөсүн аныктоого убакыт коротпош үчүн акт түзө салып, аны укук коргоо органдарына өткөрүп беришет. Бул канчалык туура?**

ЖООП. Жашоочу ААнын чегинде укук бузган учурда бул тууралуу протокол түзүлөт. Бирок бул протоколду ушундай укук бузууну кароого компетенциясы бар кызматтык адам түзүшү керек. Башкача айтканда, эгерде укук бузуу тартип коргоо органдарынын компетенциясына кирсе, анда алар протокол түзүп, бузуулар жөнүндө ишти өздөрү карашат жана укук бузуучуга айып салышат. Эгерде укук бузуу айыл өкмөткө караштуу комиссиянын компетенциясына кирсе, анда укук бузуу тууралуу протоколду комиссиянын мүчөлөрү же АӨ башчысы укук берген кызматтык адамдар түзөт. Алар протоколду түзгөндөн кийин аны комиссиянын жыйынына алып чыгышат. Комиссия өз кезегинде чечим чыгарып, укук бузуучуга айып салат.



**СУРОО. Административдик комиссиянын курамына кимдер кириши керек?**

ЖООП. Административдик комиссиялар тууралуу типтүү жобого ылайык, айыл өкмөтүнүн комиссиясынын курамына төмөнкүлөр кирет:

- Комиссиянын төрагасы – айыл өкмөт башчынын орун басары, айыл өкмөт башчынын орун басары кызматы болбогон учурда – айыл өкмөттүн жооптуу катчысы;
- айыл өкмөттүн жооптуу кызматкерлери;
- ички иштер органынын жана башка мамлекеттик органдардын (мекемелердин) аймактык бөлүмдөрүнүн өкүлү (макулдашуу боюнча);
- жарандык коомдун жана жергиликтүү жамааттын өкүлдөрү (макулдашуу боюнча).

Туруктуу негизде иштеген Комиссиянын курамына жооптуу катчы катары жергиликтүү мамлекеттик администрациянын аппаратынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын – мэриянын, айыл өкмөтүнүн бир кызматкери кирет, ага Комиссиянын катчылыгынын функциялары жүктөлөт.

## Окуу сапарынын жыйынтыктары

Каныбек БАТЫРОВ, Ылай-Талаа АА айыл өкмөт башчысы: *"Бардык айылдык аймактарда көптөгөн административдик укук бузуулар орун алып келет, болгондо да барган сайын алар көбөйүүдө. Айылдын аймагында жашоо эрежелерин бузуунун санынын өсүшүнө жазасыздык себеп болууда. Уяткаруу жана жазалоо системасы жок: кээ бир жерлерде бул маселелерди аксакалдар соту, айрым жерлерде тартип коргоо органдары чечсе, айырм жерлерде такыр эле чечилбей кала берет. Үйүбүзгө баргандан кийин биз да жергиликтүү жамааттын Уставын кароо жана бекитүү боюнча айылдык кеңештин ачык сессиясын өткөрөбүз. Биз аксайлыктардын тажрыйбасын колдонууга аракет жасап, административдик комиссиялардын ишмердигин кайра карап чыгабыз"*.

Мамытбек ТАЙЛАКОВ, Өзгөн ш. жооптуу катчысы: *"Өзгөндө жергиликтүү жамааттын эски уставы колдонулуп келатат. Ушул сапардан кийин Жазы ААнын мисалында документти жаңылоону сунуштайм. Айылдык кеңештин сессиясы жогорку деңгээлде өттү. Көрсө ачык сессияларды өткөрүүнүн бардык эрежелерин жана жол-жоболорун гана сакташ керек экен. Туруктуу комиссиялардын алдын ала иштери чоң ролду ойнойт экен. Бул комиссиялар маселени терең иликтеп чыгып, сессия үчүн корутунду даярдашы керек. Бизде, мисалы, шаардык кеңештин сессияларында талаштуу суроолор көп болот, ар бири өз чындыгын далилдеп, депутаттар оңою менен мунасага келе албай, мунун айынан убакыт да көп кетип калат"*.